
Кирг
85,7
О-48

# ОЙНОЙБУЗ ДА ЫРДАЙБЫЗ



# ОЙНОЙБУЗ ДА ЫРДАЙБЫЗ



МЕКТЕП ИЙРИМДЕРИ ҮЧҮН

Түзгөн Мамбеткул Аманов

Фрунзе «Мектеп» 1990

ББК 83.8
0-48

Рецензенти — К. Эдилбаев

**Ойнойбуз да ырдайбыз: Мектеп ийримдери үчүн**
0—48 /Түз. М. Аманов.— Ф.: Мектеп, 1989.— 72 б.

ISBN 5-658-00413-6

Бул репертуардык жыйнакка балдар үчүн жазылган чакан пьесалар, сатиралык ырлар киргизилген. Мектеп окуучуларына арналат.

В репертуарном сборнике включены сценки, пьесы, стихи. Рекомендуется учащимся средних школ.

$0\frac{4803300100\text{-}214}{М\ 452\ (17)\text{-}90}$ 144. 90

ББК 83.8

ISBN 5-658-00413-6

© Түзүлгөн. «Мектеп» басмасы.
1990 -жыл.

## МЕКТЕП ИЙРИМИ — БАЛДАРГА ЭСТЕТИКАЛЫК ТАРБИЯ БЕРҮҮНҮН КАРАЖАТЫ

Мектеп театры, драма ийримдери, өздүк көркөм чыгармачылыгы балдарга эстетикалык тарбия берүүдө роль ойноодо. Драмалык чыгармалар, жаш жеткинчектер аткарган ырлар аларга зор таасир берет, көркөм дүйнөгө алып кирет. Кубанычка, ыракатка батырып, жамандык жана жакшылык деген түшүнүктөрдү таанып-билүүгө, акыйкат иш үчүн күрөшүүгө, чынчылдыкка, адептүүлүккө тарбиялайт. Жаш муундун жашоо-турмушка, коомго, айлана-чөйрөдөгү көрүнүштөргө карата көз карашын калыптандырып, рухий дүйнөсүн кеңейтет. Эл-жерди, Ата Мекенди сүйүүгө тарбиялайт.

Мектеп ийримдери жаш муундарды патриоттуулукка, интернационалдык духта тарбиялоонун негизги каражаттарынан болууга тийиш. Анын мүмкүнчүлүгү искусствонун башка түрлөрү: живопись, адабий китеп, кино сыяктуу эле зор.

Бала алгачкы ирет бала бакчага барган күндөн тартып эле көркөм дүйнө жөнүндө алгачкы түшүнүктөргө ээ боло баштайт, бул түшүнүктөрү өсүп-өрчүйт.

Мектепте драма, өздүк көркөм чыгармачылык ийримдерин уюштуруу, анын иштерине жетекчилик кылуу, максаттуу иш алып баруу — бул татаал чыгармачыл педагогикалык процесс жана алардын пайдасы жаштарды искусство дүйнөсүнө тартуу менен бирге, адабият, тил, тарых, сабактарын сүйүүгө, илимге кызыгуусун өстүрүүгө зор таасир тийгизет.

Балдарды чыгармачыл ийримдерге катыштыруу — аларды алаксытуу, же көңүлүн ачуу эмес, алына, мүмкүнчүлүгүнө жараша эмгекке тартуу болуп эсептелет. Чыгармачыл эмгек процессинде окуучу убакытты, акыл күчүн зарптап, ийгиликке, максатка жетүүгө умтулат, ойлонот, окуйт, тоскоолдуктарды, кыйынчылыктарды жеңүүгө аракеттенет. Мектептин чыгармачыл ийримдери — бул профессионалдык искусство эмес. Ошондой болсо да алар

балдарга эстетикалык тарбия берүүнүн зор маанилүү каражаты болууга тийиш. Андан чыгармачыл адис, талантту артист, режиссёрлор чыкпаса да мыкты көрүүчүлөрдү, искусствону, адабиятты сүйгөн жаштарды тарбиялайт.

Мектеп ийримдери үчүн репертуарды түзүүдө биринчи иретте балдардын жаш өзгөчөлүгү эске алынууга тийиш. Ал атайын балдар аудиториясына арналган чакан көлөмдүү драмалардан, балдар үчүн эл, жер, Ата Мекен жөнүндөгү патриоттук, саясий, обондуу, ошондой эле көркөм окууга ылайык ырлардан, сатира жана юморлордон түзүлүүгө тийиш.

Бул жыйнак да ушул максатты көздөп, балдардын аудиториясына ылайык пьесалар, ырлар, сценарийлер, юморлор топтолгон.

«Булут издеген бала» — кызык окуялуу пьеса. Анын башкы каарманы Бала кургакчылыктан солуп, чаңкап өлүп жаткан өсүмдүктөрдү, бак-дарактарды, жан-жаныбарларды көрүп кайгыга чөмүлөт, аларды сактап калууну ойлойт. Ал үчүн кандай кыйынчылыктар, коркунучтуу окуялар күтпөсүн, бардыгына даяр эле. Бала булуттарды адамдарга, жан-жаныбарларга жибербей кармап турган табийгаттын каардуу ташбоор душманы Жезкемпирден бошотуп алуусу керек. Ошентип, ал коркунучтарга, кыйын жолго бел байлап жолго чыгат. Анын максатынын ишке ашышына, ташбоор Жезкемпирди, анын ишенген эң жакын жардамчысы, жалгыз көздүү Дөөнү жеңип чыгышына жардам берүүчү досторду табат. Алар Чычкан жана Аюу эле. Бала көп кыйынчылыктарды, коркунучтуу окуяларды баштан өткөрөт, досторунун жардамы менен Жезкемпирди жеңип, туткундагы булутту бошотот. Булут өсүмдүктөргө, жан-жаныбарларга өмүр алып келет, акыйкаттык жеңет.

Балдарды тарбиялоо коомдук зор маанилүү иш. Ж. Субанбековдун «Бейбаш» аттуу пьесасында ушул теманын айланасында сөз козголгон. Пьесанын башкы каарманы Ишенди мугалимдер, мектептин директору, окуучулар да тентек, зөөкүр, оңолбос окуучу деп эсептешет, классты, мектепти артка тарткан дал ушул жана ушул сыяктуулар, мындан кутулсак бардыгы өз жайына келмек деп ойлошот. Ал эми Ишендин тартип бузууларынын себебин, эмне үчүн үйүнө түнөбөй жүргөндүгүн билүүгө эч ким кызыкпайт, андан оңой кутулууну, милициянын көзөмөлүнө өткөрүп берүүнү, болбосо башка мектепке которуп салууну гана ойлошот. Милициянын лейтенанты, өспүрүм балдардын ишин тейлеген жаш кызматкер Бурул Мун-

дузбаева Ишенге жардамга келет. Ал директордон, класс жетекчисинен айырмаланып, окуянын түпкү себебин билүүгө аракеттенет жана Ишендин ишин кароодо өзүнүн жөндөмдүүлүгүн, акыйкаттын көзүн биле тургандыгын көрсөтөт.

Балдардын патриоттук сезимин, Ата Мекенди, эл-жерин сүйүүгө тарбиялоодо, алардын рухий маданиятын өстүрүүдө элдик оозеки чыгармалардын, маданият жана тарых эстеликтеринин мааниси өтө зор. Элибиздин байыркы жашоо турмушун, баскынчыларга каршы салгылаштарын, жеңиштерин, жалпы кыргыз журтунун башынан өткөргөн кыйын күндөрүн баяндаган жомоктор, уламыштар, дастандар элибиздин карегиндей сактап, аздектеп келе жаткан байлыгы. Бул байлык муундан муунга өтүп, биз менен бирге жашап келүүдө. Дегеле ар бир адам өз элинин ушул байлыктарын сиңирбей, аны менен жашабай туруп маданияттуулуктун, билимдүүлүктүн жогорку тепкичине көтөрүлө албайт. Ошондуктан мектеп окуучулары элдик оозеки чыгармалар менен мүмкүн болушунча көбүрөөк таанышууга тийиш. Элдик сюжеттердин негизинде жазылган драмалык чыгармалардын баарын эле мектеп театрында окуучулардын драма ийримдеринин күчү менен коюуга мүмкүн эмес. Ошондуктан мектеп драма ийримдери үчүн элдик оозеки чыгармалардын сюжеттери пайдаланылган атайын пьесалар болууга тийиш.

Оозеки айтылып жүргөн «Бугу эне» жөнүндөгү уламыш да кыргыз урууларынын биринин байыркы тарыхына байланышкан. Бул уламышта каардуу, жанкечти душмандар оңутун таап бир уруу элди кырып, тукум курут кылууну көздөйт. Алар күтүүсүздөн кол салып, элди, чоң-кичинеси дебей, аёосуз кырат. Бирок ал элден бир бала, бир кыз кыргынга туш келбей, аман калышат. Экөөнүн душмандардан кутулуп кетишине Бугу себепчи болот. Бала менен кыз чоңоюшуп, алардан тукум тарайт, эл куралат.

Бул элдик уламыштын сюжетинин негизинде жаралган Ж. Сурановдун «Бугу эне» драмасы мектеп куурчак театрларында коюуга ылайыкташтырылган. Аны ошондой эле жогорку класстын окуучуларынын күчү менен кадимки эле драма сыяктуу коюуга болот.

«Тоодогу шаар» драмасынын окуясы да, тематикасы да балдар аудиториясына арналганы менен, сюжети жогоруда аталган чыгармалардан бир кыйла татаалыраак. Мында үй-бүлө, балдарды өстүрүү жана тарбиялоо, ата-эненин алардын алдындагы милдети тууралуу маселелер камтылган. Пьесанын окуясы Ата Мекендик согуштан

кийинки мезгилде, алыскы тоо айылдарынын биринде өтөт. Карачал менен Калбүнүн өз балдары согуштан кайтпай калган эле. Бирок алар бул кайгы бүткүл журттун башына келген жаманчылык экенин түшүнүп, кайрат кылышат. Алардын бактысына Табылды туш болот. Кемпир-чал аны өз баласынан кем көрбөй, чыныгы ата-энелик мээрим менен өстүрүшөт. Табылды алардын маңдайына туткан жалгыз кубанычы, ишеничи, жадагалса алардын өмүр жашоосу. Табылдынын өз атасы Жапек бузулган, адамдык уят-сыйытынан кечкен адам, ал эми апасы Асел өзү жөнүндө белги бербейт. Жапек Табылды өзүнүн уулу экендигин билип алат да, пайда табууга аракеттенет, өзүнүн адамгерчиликсиз кылык-жоругу менен бактылуу жашап жаткан кемпир-чалды оор кайгыга дуушар кыларын, Табылдынын өмүрүнө балта чабарын эске да албайт. Карачал абышка Табылды анын бакма баласы экендиги жөнүндөгү терең сырдын ачылбай калышы үчүн Жапектин койгон уятсыз шарттарына чыдайт...

Адамдын кулк-мүнөзүндөгү, жашоо образындагы абийирдүүлүк жана уятсыздык, ыймандуулук жана бузулгандык, бактылуу болуу жана бактысыздык жөнүндөгү түшүнүктөр, ата-эненин бала тарбиялап, өстүрүүдөгү милдети драмада бир топ чеберчилик менен кызык окуялуу чечилген.

Баланын жакшы жана жаман кылык жоруктары, ар кандай мүнөздөрү чагылдырылып, алардын тили менен жатык берилген ырлар, сатиралык миниатюралар, сценкалар да өздүк көркөм чыгармачылыктын репертуарында болуш керек. Ырларды көркөм окуу, сатира же интермедия аткаруу балдардын сүйлөө речининин өсүшүнө, эске тутуусунун, дикциясынын жакшырышына жакшы таасир берет, эркин сүйлөөгө, ойду ырааттуу айтууга үйрөтөт. Аны үчүн керектүү материалдарды Токтогул, Тоголок Молдо, Алыкулдан баштап азыркы бардык эле балдар үчүн жазган акын, жазуучулардан, алсак, М. Жангазиев, Т. Кожомбердиев, Т. Самудинов, А. Кыдыров, Ж. Абдыкалыков, К. Жунушев жана башкалардын кайсы китебинен болбосун таба алабыз. Бул жыйнакка берилген акындардын ырлары ушул максаттарда сунуш кылынды.

Драмалык ийримдер үчүн пьеса тандоо жоопту жана татаал иш. Мында негизинен окуучулардын жаш курагы жана роль аткаруучулардын өзгөчөлүктөрү, жалпы өсүү деңгели, чыгарманы коллективдин кабыл алуусу, анын педагогикалык талапка ылайыктуулугу, идеялык-көркөмдүк жагдайлары эске алынат.

Мектеп ийримдеринин репертуарында программада сунуш этилген чыгармалардан бөлөк да ар кандай тематикадагы жаңы пьесалар, азыркы советтик жана чет өлкөлүк адабияттын чыгармаларынын сахна үчүн иштелген инсценировкалары, кыргыз драматургиясындагы классикалык пьесалардын кыскартылган түрлөрү, окуучулардын кайсы бир курагына атайын арналып элдик жомок, легендалардын негизинде иштелген пьесалар да болууга тийиш.

Ошондой эле класстык жана класстан тышкаркы окуу үчүн сунуш кылынган чыгармалардын инсценировкаларын сахналаштыруу маани берилүүчү иш.

Кыргыз адабиятында программа боюнча окулуучу чыгармалардын сахналык варианттарын өтө сейрек жолуктурабыз. Бул кыргыз мектептери үчүн колго алыныш керек, анткени жогоруда белгиленгендей, мектеп театрлары балдарга эстетикалык тарбия берүү менен бирге окуучулардын программалык чыгармаларды терең өздөштүрүшүнө зор өбөлгө түзөт.

*Түзүүчүдөн.*

*Алыкул Осмонов*

## ЖАМГЫР ЫРЫ

Жаа, жаа
Жамгырым, жамгырым,
Жумшарт эгин тамырын.
Кара көсөө көз ачпай,
Өлсүн каран калгырың.

Жаа, жаа
Жамгырым, жамгырым,
Кызылчаны кандыргын.
Жаштайынан түйүлтүп,
Жанга кубат алдыргын.

Жаа, жаа
Жамгырым, жамгырым,
Гүлдөт шактын бардыгын,
Алма, өрүктү бүрдөтүп
Текши мөмө алдыргын.

Жаа, жаа
Жамгырым, жамгырым,
Жыргат жердин жандыгын.
Карлыгачты чакырып
Короомо үй салдыргын.

Жаа, жаа
Жамгырым, жамгырым,
Жыргат элдин бардыгын.
Колу тарды март кылып
Сандыктан нан алдыргын.

Жаа, жаа
Жамгырым, жамгырым,
Көгөрт тоонун ой, кырын.
Коңшубуздун сүр этин
Казанына салдыргын.

Жаа, жаа
Жамгырым, жамгырым,
Күтпө күндүн сабырын.
Эки бетин ийлеп өт
Ысык деген бабырдын.

Чегирткени чертип өт,
Ташбаканы таптап өт,
Ударникти мактап өт,
Жалкоолорду каптап өт.

*Муса Жангазиев*

## ТЫНЧТЫК ЫРЫН ЫРДАЙБЫЗ

Эркин өлкө балдарыбыз,
Тынчтык сүйгөн атабыз.
Теңдик бизде, эрдик бизде
Бак-таалайлуу апабыз.

Кайырма:

Дайым жарык күнүбүз,
Дайым таза үйүбүз.
Эмгек менен Ата-Журтта
Эң биринчи сүйүүбүз.

Мектепте окуп үйрөнөбүз,
Улуу Ленин өмүрүн,
Тынчтык үчүн жумшап күчүн,
Койгон бүткүл көңүлүн.

Кайырма:

Дайым жарык жолубуз,
Дайым таза оюбуз.
Тынчтык үчүн көтөрүлгөн
Миң-миллион колубуз.

Досубуз көп жер бетинде,
Келсе баарын сыйлайбыз.
Окуп, иштеп бир кишидей
Тынчтык ырын ырдайбыз.

Кайырма:

Дайым тийген күнүбүз,
Дайым чынчыл оюбуз.
Дайым кызык үйүбүз,
Дайым улуу жолубуз.

*Абзий Кыдыров*

## БАКТЫБЕКТИН АМАЛЫ

Баарыбызга белгилүү
Бактыбектин амалы.
«Төртү» болсо дардаңдап,
Деле калбай жан-алы.
Кол көтөрөт кууланып,
Сурабасын менден деп.
Сурап калса жооп берет
Даярданбай келгем деп.

## «ЧИЧИ-ПУЧИ»

Эки кыз бар бизде шат,
Эл оозун көп тыңшашат.
Бир-бирине укканын
Айтып берип жыргашат.
«Чичи-пучи, чичичи»,
Серпиле түшүп каштары,
Сабак өтүп жатса да
Биригип калат баштары.
«Чичи-пучи» деп атайт
Бүт класстын балдары.
«Чичи-пучи» дешмейин
Кирбейт окшойт жандары.

## КЕТСЕЧИ ШЫДЫР УЗАРЫП

Карымбай чыкса доскага,
Досуна көзү кадалат.
Анысы араң шыбырайт,
Угууга кылат далалат.
Карымбай тилейт ичинен:
«Кеткенче жүзүм кызарып,
Шыбырга жакын кулагым
Кетсечи шыдыр узарып».

## КҮЖҮРМӨН БАЛДАР

*(4 окуучу аткарат)*

### 1. АЛМА БАГЫНДА

Жөнөдүк таң атып калганда,
Күн чыкты биз жетип барганда.
Алманын түптөрүн бошотуп
Ар дайым келебиз жардамга!

Көтөрүп кетмен, күрөктү
Кетирбей текке мүнөттү.
Кулпунуп турса алма бак,
Кубаныч каптайт жүрөктү.

Бир убак алган соң түштөнүп,
Бирдиктүү киребиз күчтөнүп.
Чынында чаалыгып калсак да
Чыдайбыз, билдирбей тиштенип.

Кечинде талыкшып келебиз,
Эмгектен чыңалат денебиз.
Эртеси кайрадан марш менен
Жалпыбыз жардамга келебиз.

### 2. ЖАРДАМДАШТЫК КОЙЧУГА

Тезинен жасап сабакты,
Тезинен ичип тамакты.
Койчуга жардам берүүгө
Бет алдык тоолор тарапты.

Кой багат тоодо агабыз,
Козусун бөлүп багабыз.
Эринчек неме дедирбей,
Эмгектен элге жагабыз!

Торгойдун күүсү агылып,
Тоо койну ырдан жаңырып.
Кыялап жеттик короого,
Кыпкызыл жагоо тагынып.

Козусун салып эмизип,
Кол менен чөптү жегизип.
Күн сайын алкыш угалы,
Күжүрмөн балдар дегизип!

## 3. ЛЕНИНГЕ ГҮЛДЕСТЕ

Тоо койнун аралап келебиз,
Толкундап баратат денебиз.
Мавзолей түбүнө койгонго
Манаттай гүлдөрдү теребиз.

Адырга адыр уланып,
Ажайып гүлдөр буралып.
Атага арнап гүлдесте
Атайлап тердик кубанып.

Жалын бар тоолордун гүлүндө
Жайнасын Мавзолей түбүндө!
Ар жылда жөнөтүп турабыз
Атанын төрөлгөн күнүндө.

Кызыкка кызык уланып,
Кыр ылдый түштүк кубанып.
Москвага барат бул гүлдөр
Манаттай болуп, буралып!

## 1. ЧӨП ЧАБЫКТА

Эринчээк болбой биреөбүз,
Эмгекти жалпы сүйөбүз.
Чөп куурап кетет шашпасак,
Чөк салып, үймөк үйөбүз.

Жадыраган жайында,
Июнь, июль айында
Чөмөлөнү жайнатып
Чөп үйөбүз дайыма!

Аптаптын деми байкалат,
Адырда шибер жайкалат.
Агалар чөптү сузганда,
Айрылар калат кайкалап.

Чачылган чөптү тырмайбыз
Чарчасак деле тынбайбыз.
Айылга кире бергенде,
Аябай шаңдуу ырдайбыз!

*Жолон Мамытов*

## МУГАЛИМ

Классында отуруп,
Кылымына ой берген.
Асыл үрөн ал чачкан
Адамдыкка бой берген.

Алтыдагы бөбөккө
«Алиппени» тааныткан.
Адамзатты илимге
Алып кирген даанышман.

Жетилсин деп жеткинчек
Акыл-күчүн төшөгөн.
Баштап өткөн бүт элди
Билим деген көчөдөн.

Таалим алып жер жүзү
Мугалимдин колунан.
Келечекке адымдап
Келет тайбай жолунан.

Эрксиз элге тараткан
Эркиндик нур, отунан.
Улуу Ленин өзү да
Мугалимден окуган.

*Токтосун Самудинов*

## АПАЛАРДЫН МАЙРАМЫ

Бүчүр бөрткөн даракта
Келгин куштар, сайрагын.
Ырга-күүгө бөлөйлү
Апалардын майрамын.

Адырларда түздөрдө,
Байчечекей, жайнагын.
Гүл көтөрүп тосолу
Апалардын майрамын.

Сабак менен тартиптен
«4», «5» алып ар дайым,
Куттуктайбыз баарыбыз
Апалардын майрамын!

## ЖАҢЫ ЖЫЛ

Күндөй жылуу үй ичи,
Сыртта бороон, сыртта кар.
Саймалаган, түрлөгөн
Аяз деген уста бар.

Ырдап жана бийлесек
Балатыны айланып,
Оюнчуктар асылган
Бизди карайт таңданып.

Кары дебей, жаш дебей,
Куттуктаган бир-бирин.
Жымың этип жылдыздай
Жыл жаңырткан күн бүгүн!

*Каныбек Жунушев*

## АЛАКСЫТПА, ШАМАЛТАЙ

Шамал мени делбектетип
Түртүп жөнөйт далыман:
— Ой, азамат! Кеттик зуулап,
Оюн кызык баарынан.

А мен болбойм кетенчиктеп;
— Убакыт жок барышка.
Энем сыркоо көптөн бери,
Эч чыгалбайм алыска.

Үй-оокатты жасап бүтүп,
Уюмду айдап келемин.

Убагынан кечиктирбей
Чайын берем энемин.

Сабагым да окулалек,
Алаксытпа мени көп.
Кой, шамалтай, сени ээрчип.
Кетпейин мен делбектеп.

## СВЕТОФОР

Машиналар көп өткөн
Чоң жол болот көчөбүз.
Светофор жапжашыл
Күйгөн кезде өтөбүз.

Сарысы күйсө камданып,
Кызылы жанса токтойбуз.
Туура эмес өтүп көчөдөн
Машина жолун тоспойбуз.

## ТАРАНЧЫ

Кирип келсе болобу
Таранчы биздин класска.
Ызы-чуу дароо басылып.
Тунжурай түштүк бир азга.

А көрсө, биздин чурулдак
Класстын ичин жарыптыр.
Өзүбүз деп таранчы
Байкабай кирип алыптыр.

*Айниса Кулматова*

## БУЛУТ ИЗДЕГЕН БАЛА

*(Бир көшөгөлүү, беш сүрөттүү пьеса.)*

Катышуучулар: Жомокчу, Эне, Бала, Карыя, Аюу, Чычкан, Дөө, Жез-кемпир, Тыт, Жүгөрү, Гүлдөр, Кыз, Баланын достору.

## БИРИНЧИ СҮРӨТ

Көшөгө жабык, авансценага жомокчу чыгат.

**Жомокчу.** Амансыңарбы, балдарым!
Ачылгыча көшөгө
Саламдашып алалы.
Көрүүгө келсең ашыгып
Мындайча жомок кабары.

Илгери өткөн заманда
Жаз, жай кургак болуптур.
Бир тамчы сууга зар болуп,
Өсүмдүк куудай оңуптур.

Эр жүрөк кандай болорун
Баамдап түшүн баарыңар.
Эми окуянын калганын
Өзүңөр көрүп алыңар.

Көшөгө ачылып, бак дарактуу, түркүн гүлдөрү бар бакча көрүнөт. Сахнанын бир четинде жүгөрү, ортодо дүпүйгөн Тыт дарагы. Өсүмдүк аттуунун баары саргая баштаган. Тыттын тегерегиндеги гүлдөр алсыз үн салышат. Сахнага бала чыгып өсүмдүктөрдүн сөзүнө кулак төшөп калат.

**Гүлдөр.** Суу, суу! Бир эле тамчы суу болсочу. Каным катып баратат, суу... Боюмду жерден көтөралбай калдым. Суу, суу!

**Тыт.** Оо, шумдук, күн ысыгандан ысыды. Жаздан бери асмандан бир тамчы суу тамбады. Ушунча болуп быйылкыдай кургакчылыкты көргөн жок элем. Пай-пай-пай.

**Жүгөрү.** Айтчы, кымбаттуу Тыт, сен көп жашап көптү көрдүң. Такай эле ушинтип күн куйкалай береби же?..

**Тыт.** Жо-жок, канышам, такай мындай болбойт. Быйыл эле эмнегедир күн ысып, жамгыр кечигип жатат.

**Жүгөрү** *(оор дем алып).* Оо-оо, аба жетпей, муунуп кеткенсийм кэээде *(үшкүрүнөт).* Эми чыдай албайм. Жыгылганы араң турам. Дүмбүл байлап, алардын сеңселген алтын султандарын көрбөйм го...

**Тыт.** Андай болбойт. Кандай өсүмдүк болбо, өмүрүңдө бир топ машакаттан өтөсүң. Ушинтип ысыкка күйүп, суукка тоңуп дегендей. Түшүм берип, милдетиңди өтөмөйүнчө нечен түйшүк тартасың.

**Жүгөрү.** Күндүн куйкалаганынан башкасына мооп бербейт элем.

**Тыт.** Эч нерсе эмес, бир аз чыдайлы. Жамгыр жаап берсе, дароо күндүн илеби кайта түшөт эле.

Жүгөрү. Ошол күн кана! Канча сугарып жатышса деле суусунум кана иче албай койдум. Тыт, сен да бизчилеп чаңкап атасыңбы?

Тыт. Ананчы. Мындан тамырларымдын жер астына терең жайгашканы гана сактап турат. Мага деле оңой болгон жок. Бечара жалбырактарымды карачы. Чындап дем алалбай калышты. Көп жыл жашадым. Ошондон бери жыл сайын адамга кызматым өтсө деп тилек кылам. Сабактарымдын, жалбырактарымдын ширелүү болушуна тырышам. Алар жегиликтүү болсо жибектин сапаты да ошончолук жакшы болот. *(Ысыктыктан оор дем алып.)* Быйылкы кургакчылык мени да саал аксатканы турат окшойт. Бирок кейибе, ушул боюнча жамгырсыз калбаспыз.

Жүгөрү. Ай ким билет, жамгыр жаабай калды го.

Тыт. Кой, каныша, антип жакшылыктан үмүтүңдү үзбө. Жамгыр да жаар. Анын дыбыраган жумшак, жагымдуу дабышын да угаарсың. Антип эле күн мурунтан үмүтүңдү үзө бербе.

Жүгөрү *(ушкүрүнөт).* Ал күн кана. Баса, бу адамдар кантип атты болду экен? Дүйнөдөгү жан-жаныбарлардын акылдуусу, күчтүүсү адам дейбиз. Андай болсо алар эмнеге бир айласын табалбайт ыя?

Тыт. Кой, каныша, антип жакшылыктан үмүтүңдү үзбө. Жамгыр да жаар. Алар да жөн жаткан эмес чыгар. Жердин үстүндөгү нерсе болсо эчак жөнгө салышмак. Жамгыр асмандан түшөт. Ошондой болсо да алар бир нерсе ойлоп жатышса керек. Шашылба, канышам, шашылба.

Алсыз үндөр. Суу, суу, суу!
Бир тамчы суу!

Бала *(сахнанын ортосуна басып келип).* Байкуш өсүмдүктөргө убал болду. Буларга жардам керек. Болбосо баары куурап, мал-жан кышта азыксыз калат. Энемди көндүрүп, сапарга чыкканым туура болор. Бирок максатыма жетээр бекем...

Эне *(колуна күрөк кармап кирет).* Суй жыгылдым, балам. Ага деле кайыл элем, эптеп бүгүн бакчаны сугарып албасак болбойт. Суунун колго тийиши да оңой болбой калды. Улам бирөө орто жолдон жыра качышат, түгөттөр. Капырай, алтыным, алдагы турушуң кантет? Мынча эмне сабырың суз?

Бала *(сүйүнүп кетет).* Ырас келбедиңизби энеке...

Эне. Анча эмне болду, каралдым. Тиги суунун башына чейин барып келдим. Кезегибиз тээ кечинде жетмей болду. Айдын жарыгы менен болсо да эптеп сугарып алалы

бакчаны. Эмне болду, балам? Үрпөйүп, санааркаган түрүң бар. Бирөөдөн тил уктуңбу?

Бала. Жок, эне, башка...

Эне. И-ии, деле кой, каадалуу кишиче башка деп койгонун кантейин *(күлөт)*. Сенин каада күткөнүңдөн секет кетейин.

Бала. Чоңойсом деле кичине дей бересиз да. Мына, сизден да чоң болуп турбайымбы *(энесине боюн теңештире калат)*.

Эне. Тартайган мээнетиңди алайын. Мен үчүн кенедей эле баласың (*күлүп, уулунун бетинен өбөт)*.

Бала. Эне, эне дейм, караңызчы, бакча саргайып кетти.

Эне. Жамгыр жок баарына убал болуп жатпайбы. Бир жолу да жамгыр жаай элек. Биздин колдо болгондо эчак жаадырып салбайт белек. Алла-тааланын колундагы нерсеге айла барбы, балам. Асманды булут каптап, жамгыр жаачудай болуп барып, кайра эле ачылып кетет. Шамал булуттарды сүрүп кетип жатпайбы. Эл жаан тилеп, түлөө деле өткөрүп жатат... Токумдай кара булут көздөн учту го...

Бала. Эне, сизден уруксат сурайын дедим эле.

Эне. Кайда ботом.

Бала. Булут издегени.

Эне *(чочуп)*. Ыя?!

Бала. Жамгыр болчу булутту издейм.

Эне. Ок! Тамтаңдабачы.

Бала. Чын айтам, бул жөнүндө ойлонгонума абдан көп болду.

Эне. Жөндүү кеп сүйлө, балам. Бекер сөз айткан жарабайт. Колуңдан келген ишти кыл, каралдым.

Бала. Жамгыр алып келем, энеке, уруксат бер. Көрөсүз го, тээтиги тоо, береги жайык азыркыдай саргайып жатпай, көгөрүп турат, энеке, көрөсүз го.

Эне. Бу кандай чунак элең. Адамдын колундагы нерсени айтсаң да жөн эле. Булут издейм деп. Ал табияттын колундагы нерсе.

Бала. Сөзсүз жамгыр алып келем, карап туруңуз, сөзсүз.

Эне. Балам, периште эмессиңби, кудай оозуңа сала бергиси бардыр. Ырас эле жамгыр алып келсең гана.

Бала. Уруксат бериңиз, энеке. Эртең менен сапарга жөнөйүн. Шамал айдап, булутту сүрүп жамгырды жаадырбай жаткан Жезкемпирди таап, анын сазайын берейин.

Эне *(чочуп)*. Ок! Садага болоюн, деги дениң сакпы? Мындай шумдуктарды кайдан угуп жүрөсүң?..

Бала. Өзүң айтып бербедиң беле *(энесин кучактайт).* Энеке уруксат берчи? *(Энеси кандай жооп берерин билбей туруп калат.*

## ЭКИНЧИ СҮРӨТ

Көшөгө жабык, авансценада жомокчу.

Жомокчу. Энеси ары карап ыйлап, бери карап күлүп мындай дейт:

Ууртуңдан ууз жыттанат
Кагылайын, медерим.
Кулагыма ишенбейм
Кайталачы, не дедиң?

Эки көзүм чачырайт,
Тийсе деп элге керегиң.
Кабыргаң али ката элек,
Уруксат кантип беремин.

Сындырбайын шагың деп
Түгөттүң го аргамды.
Касиети колдосун
Берейин, балам, батамды.

Элинин камын ойлогон
Уулусуң жакшы атанын.
Жолуңа бөгөт болбоюн,
Балам,
Байсалдуу болсун сапарың.

Көшөгө ачылганда куржун көтөргөн Бала көрүнөт. Айланасы ээн, боз талаа. Жол боюнда чоң таш жатат. Баланын чарчап-чаалыккан түрү бар. Ийниндеги куржунун алып жерге коёт.

Бала. Өх, абдан чарчадым, бутум араң эле шилтенип калды . Бир аз эс алып алайынчы. *(Ал ташка жөлөнүп отура кетет.)* Ушул кезде үйдө болсом энем менен божурашып отурмакмын. Же досторум менен ойноп жүрмөкмүн. Баарыдан жаманы жалгыз жүргөн экен, аны ушу беш-алты күндөн берки жолумдан кийин түшүндүм. Теңтуштарым макул болгондо го... Баарыдан да кээ бири: «Эй, сен жинди болгонсуң го. Киши кантип булут издесин. Же сенин асманга чыга турган шатың бар беле?» — дешип шылдыңдашканычы. Мейли, шылдыңдай беришсин. Бирок өздөрү менин алдымда уят болушат. Ошондуктан, убадамды аткарышым керек. *(Бала кыңылдап ырдайт.)*

Эңсеген булут табылып,
Сүйүнүп келсем элиме.
Сергитип жамгыр төгүлсө,
Көрк берип турган жериме.
Солуган гүлдөр тирилип,
Жыты аңкып кайра гүлдөсө.
Бак-дарактар саргайбай,
Жазгы күндөй бүрдөсө.

*Кыялдана калат )* Көздөгөн максатым ишке ашып, үйгө барсам. Канат келиптир, Канат келиптир дешип айыл ичи дүрбөп калса. Ошондо мени шылдыңдаган досторум кантип келишет *(күлүп)*, элестетип көрөйүн да. *(Сахнага эки бала чыгат, экөө Канатты тегеректешет.)*

1-бала. Ой, келдиңби?

2-бала. Чыпчын эле азамат экенсиң ай.

1-бала. Бизди кечирип койчу?

2-бала. Кечирип койчу, досум. Биз чын эле ишенген эмеспиз. Көрсө, эр экенсиң.

1-бала. Сен эмне унчукпайсың?

2-бала. Бизге таарынып калсаң керек ээ?

Бала. Жо-жок, эмнеге таарынмак элем.

1-бала. Билесиңби, сен жокто кандай жаңылык болду дейсиң. Анан шашпай айтып берем ээ.

*(Сахна караңгылап, анан кайра жарык болот. Бала баягы калыбында ташка жөлөнүп отурат.)*

Бала. Ал эми Канышай кантип учурашат эле, ыя? *(Күлүмсүрөп, кайрадан элестете кетет. Сахнага кыз кирет.)*

Кыз. Саламатпы, Канат.

Бала. Саламат.

Кыз. Аман-эсен келдиңби?

Бала. Көрүп турбайсыңбы.

Кыз. Кетерде сыртыңды салдың деп таарынып калгансың го. Мага чын эле таарынып калдыңбы?

Бала. Жок.

Кыз. Сен... Сен... *(Кыз мукактана туруп калат.)*

Бала. Канышай, ошондо эмне үчүн мени менен сүйлөшпөй койдуң?

Кыз *(жылмайып)*. Жалгыз кетип бараткаңыңда корккон элем.

Бала. Мен үчүнбү?

Кыз. Ооба.

*(Сахна караңгылай түшөт. Кайрадан жарык болгондо бала баягы абалында жалгыз. Башын чулгуп алат.)*

Бала. Куру кыялга батпайынчы. Максатым орундалып

үйгө барсам болду. Ким кандай учурашса андай учурашсын. Андан көрө бир аз шам-шум этип алайын. Анан кеч киргенче басып, жакшы түнөк таап алып эс алсам, эртең азандан кайра жолумду улантам. *(Эстейт.)* Бир аз отурганга шалдырай түшпөдүмбү. *(Ал куржунун аңтармакчы болуп барып, ташка жөлөнө үргүлөп кетет Сахнага ак боз атчан карыя кирип, Баланын жанына бастырып келет. Бала уктай берет.) (Бул түш көрүп жаткандай берилиши керек.)*

Карыя. Уулум, ээн талаа, эрме чөлдө жалгыз жатканыңа жол болсун!

Бала *(ордунан тура калат).* Ассалоом алеким, чоң ата! Бир аз эс алып алайын деп отура калдым эле. Үргүлөп кеткен турбайымбы.

Карыя. Эч нерсе эмес. Эс алыш да керек. Кайда жол тартып баратасың? *(Атынан түшөт.)*

Бала. Булут издеп баратам.

Карыя. Булут издеп?

Бала. Ооба, чоң ата, жамгыр жаабай, кургакчылык болуп, өсүмдүк аттуунун баары күйүп кетмей болду.

Карыя. Туура сөз, балам. Деги быйылкы кургакчылык өзгөчө. *(Баланы сынай карап турат.)* Балам, сен өтө эле чоң милдет алган экенсиң.

Бала. Аны тапмайынча үйгө кайрылып барбайм, чоң ата.

Карыя. Ааламда адам баласынан күчтүү эч нерсе жок. Эрки күчтүү адам эңсегенине жетпей койбойт. Аны үчүн эр жүрөк, туруктуу, намыскөй болуш керек. Чаңкагандырсың? Кел, кымыз жутуп алчы. *(Карыя канжыгасына байланган кол чаначын чечип, оозун ичүүгө ыңгайлуу түрүп, балага сунат.)* Тартып жибер. *(Бала кол чаначтын оозун бир колу менен, экинчи колу менен түбүнөн кармап, кымыздан жутат.)*

Бала. Өх-х, ыракмат, чоң ата... Абдан суусап турдум эле.

Карыя. Бир аз эс алып алып, жолуңду улант. Көп өтпөй чоң үңкүргө туш келесиң. Кирип, оңго бурулсаң, өйдө кеткен жол бар. Ошол жол сен издеген булутка алып барат. Мынча болгон соң сөзүңдүн өтөөсүнө чык. Батамды берип, мен да тилектеш болоюн.

Бала. Ыракмат, чоң ата, айтканыңыз келсин.

Карыя. Берер кеңешим — сак бол. Жалгыздын душманы көп болот. Көрөгөч бол, сезгич бол, боорукер бол, акыры доңуз айбатчыл болбо.

Бала. Чоң ата, айтканыңыздын баары эсимде болот.

**Карыя. Жолуң шыдыр болуп, максатыңа жет. Оомийин!**

*(Сахна караңгыланып, кайрадан жарык болот. Ак боз атчан карыя көрүнбөй калат. Бала ойгонуп кетип, көзүн укалай тура калат.)*

Бала. Чоң ата, чоң ата. Өңүмдө көрдүмбү, же түшүмбү?.. Ой тобо-о... Түшүм окшойт. Көзүм илинип кеткен тура. Чын эле суусунум канып калыптыр. Азыркы карыянын айткандары чын болуп калсачы. Өңүм эле болуп калсачы, кымыздан дагы бир жутуп алат элем. *(Ары-бери басат.)* Эмнеси болсо да ал кишинин айтканындай жол жүрөйүн. Чын эле абдан сергип калыпмын. Куш уйку да оңой эмес деп койчу эле го, атам. Туура экен. Кой, убакытты созбой жөнөйүн. Кончу жерде шам-шум этип алармын. *(Бала куржунун алып, сахнадан чыгып кетет.)*

## ҮЧҮНЧҮ СҮРӨТ

**Тегереги тоо-таш. Күн батып бараткан кез. Чоң үңкүрдүн оозу көрүнүп турат. Бала үңкүргө жакындап барат.**

Бала. Ой тобо, түшүмдө көргөн карыянын сөзү чын келди. *(Ал үңкүрдүн оозуна басып келип, тегерегин карайт.)* Ичи караңгы экен. Жүрөгүмдү токтотуп, анан кирейин. *(Кирип баратып мүдүрүлүп кетет.)* Эч нерсе эмес, коркпойм. *(Өзүн сооротткондой.)* Корккон жокмун, баса эмнеден коркмок элем. Кирейин. *(Сахна караңгылайт.)* Ой-ий, көзгө сайса да эч нерсе көрүнгүдөй эмес экен. *(Сахнага күүгүмдөнгөн жарык пайда болот. Үңкүрдүн ичи. Бала эки жагын каранып баса берет.)* Ай-ий, көзүм караңгылыкка бир аз көнө түштү. Бай-бай, үңкүрдүн кеңдигин. Деле бүткөн жери көрүнбөйт го. *(Дагы мүдүрүлүп кетет.)* Көрбөгөн жердин ой-чуңкуру көп деген ушу да. Эч нерсе эмес. *(Ийниндеги куржунун оңдоп, сахнанын он жагын серепчилейт.)* Оңго бурулсаң жалгыз аяк жол бар деген. Жалгыз аяк жол кайдасың? Бирөө менен сүйлөшкөнсүп басайынчы, көңүлдүүрөөк болот экен. Жалгыз аяк жол кайдасың? Аа, мына, мына таптым, таптым! Дал өзү. *(Күлдүр-шалдыр эткен дабыш чыгат. Бала коркуп кетет.)* Бул эмнеси?! Үрүл-бүрүл жарыктан эч нерсе көрүнбөйт. Же коркконго кош көрүнөт болуп жатабы? Коркпойм. Аксакал айткандай эр жүрөк, намыскөй болуш керек. Азыр артка кайрылсам намысымдын жоктугу. Энем барба, колуңдан келген иштти жаса дегенде болбой койбодум беле. Шылкыйып жетип барсам эмне дейт. Энем барганыма сүйүнөт, бирок уят. *(Калдыр-шалдыр эткен*

*дабыш кайрадан чыгат.)* Коркпойм дебедимби, коркпойм. Сөзүм өлгүчө, өзүм өлөйүн деп бир баатыр өрткө секирген экен. Канат баатыр мен болом деп сапарга чыккан соң, ошол баатырча жалтанбас болом. *(Сахна бара-бара жарык тартат. Жалгыз аяк жол улам өйдө алып барат.)* Бул чын эле мен издеген булутка алып барат окшойт. Ушунумдан жазбай кете берейин. *(Бир кезде ыркыраган үн угулат.)* Кудай сакта, кайда жашынам?! Өлдүм! Өлдүм! *(Ал артка кетенчиктейт.)* Ой-ий, аюу экен! Килейген аюу экен! Оодалактап, ыркырап атканын. Чоочун жыт алды көрүнөт. Эми канттим?!

Аюу *(күркүрөйт).* Ким келатат? Ким келатат дейм? *(Пауза.)* Эмне унчукпайсың? Баары бир эч кайда качып кутула албайсың. *(Пауза.)* Бутум ооруп туралбай жатканым болбосо... Тегерегимдеги таштардын баарын ыргытып бүткөн турбайымбы. *(Ыркырайт.)* Ушунча кыйналып көргөн жок элем. Оңбогон Жезкемпир азгырбаса бул жерге келип мынча азап чекпейт элем. Таманыма чөңөр киргизип коюп таштап кетпедиби. Аа-а, ага ушул керек болучу да. Ооба, менин кызматым керек. Мен бул жерде турганда өйдө жакка ким өтө алат? Бутума чөңөр кирбегенде эчак кетип калмакмын. Же өзүм алып салалбайм. Ах, ушинтип жиним келип, жаалданып турганымда кимдир бирөө мобу колума илинсе... Ох, майыштыра кармап, бир кумардан чыгат элем. Эй, кимсиң деп жатам? Кимсиң?

Бала. Өх, жүрөгүм эми ордуна келди окшойт. Өлдүм го дедим эле. Менин бактыма ордунан жылалбаган аюу тура. Байкуш десе, Жезкемпирдин туткуну болгон тура. Бутундагы чөңөрүн чыгарып берсем жакшы болор эле. Же өзү айтып жаткандай майыштыра кармап салабы. Чөңөрдү сууруп таштасам сообуна калган турам. Жанагыдан бир аз тынчып калды, акырын жанына барып көрөйүн да.

Аюу. Адамдын жыты жыттанат *(ыркырап).* Колума илинчү болсоң...

Бала. Ооба, мен адаммын. Мен сага жардам берем. Мага бекер эле ачууңду келтирбе. Таманыңдагы чөңөрдү сууруп берейин.

Аюу *(күркүрөйт).* Сен бул жерде эмне кылып жүрөсүң. Жаныма келчү болсоң майыштыра кармап салам. Туралбай жатканым болбосо, өзүм кармап алат элем. Эх! *(Кыжынат.)*

Бала. Аюу, мага ачууланба. Андан көрө экөөбүз достошолу. Бири-бирибизге жардам берели. Мен бутуңду айыктырып, жаныңды жай алдырам. Ошого макулсуңбу?

Менден эч жамандык көрбөйсүң. Мен сага кол салбайм, аны жакшы билесиң.

Аюу. Жок, сен мени алдап жатасың. Айтканыңа көнбөйм. Көп күндөн берки бугумду азыр сенден чыгарам *(күркүрөп, чамынат.)*

Бала. Айтканыма көн, аюу. Адамдын колунан жакшылык гана келет. Ушинтип кыйналып жатпай, каалаган жагыңа кетесиң. Жезкемпирдин туткуну болбой, эркиндик аласың. Мен сага карматпай өтүп кете алам. Өзүң басалбай жатсаң, анан кантип мага жетесиң? Мен жөн гана сага жакшылык кыла кетейин деп жатам. Кааласаң макул бол, каалабайт экенсиң, кайыр кош, аюу!

*(Бир азга тынчтык өкүм сүрөт.)*

Аюу. Адам, калп айтпай чын сүйлөп турган болсоң, макулмун айтканыңа.Таманымдагы чөңөрдү сууруп ташта. Мен да сага жакшылык кылармын.

Бала. Менин чын сөзүм. Сүйлөштүкпү? Убадага экөөбүз тең бекем бололу. Макулсуңбу?

Аюу. Макулмун. Коркпой жаныма келе бер. Тийбейм. Жакшылыкка жакшылык болсун, адам!

*(Бала аюунун жанына барып, бутун көрөт.)*

Бала. Мынча чоң чөңөр кайдан кирген?

Аюу. Так ушул жерден. Бул жерге деле келбейт элем. Жезкемпир азгырып, алдап алып келип, минтип таштап кетпедиби. Анын жолун кимдир бирөө кайтарыш керек экен да.

Бала. Ири алды убаданы аткарып, анан сүйлөшөлү. Чыдап тур. Чөңөр абдан терең кирген экен, эптеп сууруп салайын.

Аюу. Бутумдун сыздап ооруганын айтпа. Урушарга жоо, урунарга тоо таппайм. Абдан кыйналдым. Мынчалык кыйналып көргөн эмес элем. Ой-ой-ой, айланайын адам, чыдабай баратам. Айыктырарың чынбы же сен да алдап жатасыңбы?!

Бала. Ал жагынан кам санаба, аюу. Азыр жаның жай алат. Абдан терең кириптир чөңөр. Чыдай тур, аз калды.

Аюу *(чыдабай)*. Ой-ой-ой, жанымды ого бетер кыйнадың го. Кайдан макул болдум эле. Ой-ой!

Бала *(ага көрсөтүп)*. Мына, мына. Көрдүңбү кандай чоң чөңөр экенин.

Аюу *(ыйлактап)*. Өңүмбү же түшүмбү? Ырас эле жаным жай алып, жыргай түштүм, айланайын адам.

Бала. Кана, эми айтчы? Бул жалгыз аяк жолдун сырын билесиңби?

Аюу. Бул жол сыйкырдуу жол. Муну менен жүрүп

отурса, асмандын жети катар түбүнө чейин алып барат имиш. Кимдир бирөө өтүп кетпесин деп Жезкемпир түркүн тоскоолдуктарды коёт экен. Мындан ары кандай тоскоолдуктары бар экенин билбейм. Бул жерде менден мурда бир жолборс жатыптыр. Карылыгы жетип өлгөндө, мени алып келген экен.

Бала. Аа, Жезкемпирдин асманга чыгуучу жолу ушул тура.

Аюу. Кана, эми өзүң жөнүндө айтчы. Кайдан адашып бул жерге келип калдың? Же издеген бир нерсең барбы?

Бала. Булут издеп жүрөм.

Аюу. Эмне, эмне?

Бала. Кадимки эле жамгыр жаадыруучу булутту. Кургакчыл болуп эгин-тегин, чөп-чардын баары куурап баратат. Мал-жандын баары жамгырга таңсык болуп турат.

Аюу. Андай экенин кайдан билем мен өзүм үңкүрдө жатсам. Сенин сапарыңдын жөнү бар экен, адам.

Бала. Ошондой, аюум.

Аюу. Жамгыр жаадырчу булутту Жезкемпир шамал жиберип айдатып салат деп кулагым чалчу. Аки-чүкүсүн териштирген жок элем. Жамандык канчалык көп болсо, кубанычка ошончо баткан карасанатай мастан!

Бала. Ошол Жезкемпирден булутту бошотуп алышым керек.

Аюу. Сенин жакшылыгыңды кантип унутайын. Колумдан келген жардамымды аябайм. Сага абдан зарыл болгонумда, бул сыйкырдуу сөздөрдү үч кайталасаң, жаныңда болом.

Шер аюу, зор аюу,
Балбан күчү бар аюу.
Мүшкүл түштү башыма,
Жардамыңды бер аюу.

Чогуу сапар улантпады деп мага таарынба. Күндүн көзүн көрбөгөнүмө көп болду, ичим букка толду. Барып черимди жазайын. Күн болобу, түн болобу, жанагы сөздөрдү үч кайталасаң жаныңда болом. Көрүшкөнчө кош бол, адам!

Бала. Кош, аюу досум!

## ТӨРТҮНЧҮ СҮРӨТ

Авансценада жомокчу.

Жомокчу. Бала жалгыз аяк жол менен дагы көпкө жүрүп отурду. Булутка жетерине ишенип, куру кол кайтпасын көздөп, бара берди. Бир кезде үңкүрдүн ичинде

жагылган шам көрүнгөнсүдү. Жалгыз жарык балбылдап чоңоё берди, чоңоё берди. Баятан бери бир жерде эле тургансыган шам эми кыймылга келе баштады. Бала ошол шамды көздөп бара берди.

*(Сахна ачылып, калдыр-шалдыр эткен дабыштар чыга баштайт. Баланын бет алдында балбылдаган жарык.)*

Бала. Жезкемпирдин дагы бир тоскоолдугу окшойт. Жарык бет алдыңдан балбылдап, башка эч нерсе көрүнбөгөнү жаман болуп турат. Эмне кылыш керек? Акыл салаар бирөө болсо ээ, атаганат. *(Коңурукка окшогон дабыш улам жакындан угула баштайт.)* Ой, бир нерсени басып алдымбы. *(Чыйк, чыйк эткен дабыш чыгат.)* Үнүнө караганда чычкан окшойт. Бу каяктан кабылды бутума. *(Чыйк, чыйк эткен үн чыга берет. Бала эңкейип бир сыйра карап, анан бир нерсени алат.)* Араң жан тура, бечара.

Чычкан *(үлдүрөп).* Жан соога, жан соога.

Бала. Ой, чычкансыңбы, сага эмне болгон?

Чычкан. Боорумду жерден көтөрө албай жатканыма бир топ болду. Себебин өзүм түшүнбөйм. Өзөгүм карарып, басалбай солуп жатам. Жем таап жегенге да дарманым жок.

Бала. Азыр сага нандын күкүмүн берем, кейибе. Нанда чоң касиет бар. Анан илдетиңден айыгып кеткиң бардыр. *(Чычканга нандын күкүмүн берет, чычкан жеген болот.)*

Чычкан. Сен адамсың го ээ?

Бала. Ооба, адаммын.

Чычкан. Кызык, сен эмне жакшынакай жайдан караңгы, коркунучтуу үңкүрдүн ичине келдиң? Ушунчаңда кайра тарт, болбосо жалгыз көздүү дөө сени соо койбойт.

Бала. Дөө дейсиңби? Кана, дөө? Тээтиги жарыктан көз карыгып, эки жактан түк эчтеке көрүнбөй жатпайбы.

Чычкан. Ой, ошол жанып турган жарык дөөнүн көзү. Ал дөө көзүн ачып уктайт. Коңуругун угуп жатасыңбы?

Бала. Жанатан берки коркурап жаткан дөөбү?

Чычкан. Ооба. Нандын күкүмү кандай даамдуу! *(Тамшанат.)*

Бала. Чычкан досум, нандын күкүмүнөн каниет алдыңбы?

Чычкан. Ооба, жанагыдан оңолгонсуп калдым. Бирок катуу суусап чыктым. Каным катып, өлүп баратам.

Бала. Токтой тур, азыр суусунуң канат. Мына, менин алаканымды эки-үч жала. Бир аздан кийин суусаганыңды унутасың. *(Ошол кезде үңкүрдүн ичинен коркунучтуу дабыш чыгат.)*

Чычкан. Адам, шашпасаң болбой калды. Бул жерден

тез кет. Дөө ойгонуп жатат окшойт. Ойгонгондо көзүнүн жарыгы уктагандагыдан он эсе катуу жаркырайт.

Бала. Чычкан досум, мен ошол дөөнү жеңип, сапарымды андан ары улантышым керек.

Чычкан *(чебелектенет)*. Кайдагы болбогон кепти айтып жатасың. Дөө деген сени эки чайнап, бир жутуп койбойбу.

Бала. Жок, мен айтканымдан кайтпаймын.

Чычкан *(чочулап)*. Дөө уйкусунан ойгонуп атат. Соо койбойт эми.

Бала. Коркпо, коркпо. Эптеп бир айласын табарбыз.

Чычкан *(күйпөлөктөп)*. Ай-ай, билбейм эми кандай болорун. Ушундай жоого каршы туруш деген кандай! Мен өзүм үчүн эмес, сен үчүн коркуп жатам *(чыйылдап ыйлайт)*. Же дөөнүн күчүндөй күчүң болбосо, же бир куралың жок.

Бала *(чычкандын жонунап сылап)*. Коркпо, экөөлөп бир айласын табарбыз.

Чычкан. Менин колумдан жардам келсе кана. Анда сонун болбойт беле. Менин колумдан эмне келет.

Бала. Көрөсүң го, сенин жардамың чоң болот.

Чычкан. Ай билбейм. Колумдан эмне келет!

Бала. Аның туура эмес. *(Дөө күрүлдөп турган болот.)*

Чычкан. Ана, тиги туруп атат. Эми канттик?!

Дөө *(ойгонуп, эстеген болот)*. Кимдин жыты жыттанат. Чоочун ким бар? Ким менин жаныма даап келген?

Чычкан. Дөө күчкө бай болгону менен акылга жарды. Аны амал менен жеңишиң керек. Ал ага ким кабылса да күрөшкө чакырат, ишенгени жалгыз күчү.

Бала. Бул анда коркунучтуу жоо экен. Албетте, дөө менен кармаша албайм. Бир амал ойлоп таппаса болбойт. Кандай кылсак, ыя? *(Пауза.)* Чычкан, чычкан таптым! Менин аюу досум бар: Күрөшкө ал түшсө, дөөнү жеңе алабы?..

Чычкан. Эгерде Жезкемпирдин туткунундагы аюу болсо — жеңет. Ал эми башкасын биле албайм. Жезкемпир аюунун эң күчтүүсүн азгырып келип, жолун кайтартып койгон.

Бала. Дал ошол аюунун өзү.

Чычкан. Анда жеңиш сеники! Аңкоо дөө сен экен деп аюу менен кармаша берет.

Дөө *(ого бетер күркүрөп)*. Азыр кабылсаң ким болсоң да кабыштырып таштайм. Мен жаткан жерге келүүгө эч кимдин акысы жок. Ким келсе, ал өлөт. *(Дөө ордунан туруп, туш-тарабынан чоочун жыт кимдики экиндигин издей баштайт. Ачуусу келген сайын маңдайындагы*

*жалгыз көзү балбылдап жанып, Баланын көзүн ого бетер карыктырат.)* Аа, жашынып калдыңбы? Жо-жок, анте албайсың. Сен жашынууга бул үңкүрдүн ичинде бир да булуң жок. Азыр колго түшөсүң.

Чычкан. Досум, көрүп жатасыңбы: дөө жакын келип калды. Колжойгон колу-бутуна уруна көрбө. Анда эле оңдурбайт. Аюу досуңду жардамга тезирээк чакыр.

Дөө *(Бала менен Чычканга жакындап).* Кулагыма кобур угулат. Канча болсоңор да оңдурбайм. Эр жүрөгүң мени менен жекеме жекеге чык. Кана, бол тезирээк.

Бала. Сени менен жекеге мен чыгам!

Дөө. Мен деген ким?!

Бала. Адаммын.

Дөө *(каткырып).* Адамсыңбы? Кайсы күчүңө ишенип күрөшкө чыгып жатасың? Ха-ха-ха! Азыр эки чайнап бир жутуп, акеңди таанытам. Мага доңуз айбат көрсөткүң бар ээ? Ажалга келген экенсиң.

Бала. Жо-жок, мен сени жеңгени келдим.

Дөө. Ошондой дечи. *(Шылдыңдуу каткырат.)* Чычкандыкындай күчүң жок, уялбай анан мени жеңем деп коёсуң.

Бала. Жеңилсең эмне болорун билесиңби?

Дөө. Эмне болоруңду өзүң айтып көрчү.

Бала. Алдагы жалгыз көзүңдү чукуп, балбылдап күйгөнүн биротоло өчүрүп, сөөгүңдү сөпөт кылам.

Дөө. Каарыма калбай чеңгелиме өзүң түшүп бер. Жетишет жанатадан берки азилиң. Кантер экен десе, күчөп, кыйынсынат тимеле. *(Шылдыңдуу каткырат.)* Уялбай жеңем дейсиң го ээ!

Бала. Мен айтканымдан кайтпайм. Кармашам дедимби, кармашам. Сени сөзсүз жеңишим керек!

Дөө *(каардана).* Ошондой дечи! *(Күн күркүрөп, чагылган чартылдайт.)* Каарыма тийдиңби, эми шашпа!

Бала *(үч кайталайт).* Шер аюу, зор аюу,
Балбан күчү бар аюу.
Мүшкүл түштү башыма,
Жардамыңды бер аюу.

*(Ошол замат сахнага баягы аюу пайда болот.)*

Аюу. Досум, башыңа иш түшкөндө мен ар дайым даярмын. Дөө менен кармашып, мөрөй алып берүүгө бел байлайын.

Бала. Досум, ушинтип жардамыңа муктаж болдум.

Дөө. Эх-хе-хе-хей! Даярсыңбы? Чык кармашка.

Бала. Даярмын!

*(Аюу менен дөөнүн кармашы башталып, калдыр-шалдыр дабыштар чыгып, аюунун күркүрөгөн, дөөнүн*

*айкырган үндөрү жаңырат. Бала менен чычкан кармашты карап турушат.)*

Чычкан. Дөө жеңилип баратат. Көрдүңбү, көзүнүн жалыны азайып, бүлбүлдөп араң эле күйүп калды.

*(Кармаш улана берет, дөөнүн көзүнүн жалыны улам бүлбүлдөй, пастай берет.)*

Бала. Ылайым эле мөрөй биздики болсо экен.

Чычкан. Ана, жарык өчтү. Дөө жеңилди! Дөөнү аюу досуң жеңди! Куттуктайм, досум!

Бала. Баракелде, досум, баракелде.

*(Дөөнү жеңип, чарчап-чаалыккан аюу басып келет, баланы кучагына кысат.)*

Бала. Мөрөйдү алып бердиң, досум. Ыраазымын сага!

Аюу *(күйүгүп)*. Эми мага уруксат бер, кайтайын. Көрүшкөнчө!

Бала. Көрүшкөнчө! Ыраазымын, досум! *(Аюу чыгып кетет, бала эки жагын каранып бир азга турат, анан чычканга кайрылат.)* Мен эми өөдөлөп баса берейин, чычкан. Жакшы кал. Сенин кеңешиң болбосо, биз дөөнү жеңе албайт элек. Сага да чоң ыраазымын!

Чычкан. Адам, мен сени менен кетем. Сенин жаныңда жүрсөм ар кандай коркунучтан оолак болот экемин. Дагы жардамым тийип калгысы бардыр. Ала кетсең?

Бала. Жүрү, анда. Сапарыбызды уланталы.

## БЕШИНЧИ СҮРӨТ

**Кооз гүлдөр жайнаган ажайып талаа. Көпкөк асман. Төбөдө күн күлүңдөйт. Бала менен Чычкан сахнага киришет.**

Бала *(таңдана)* Ой-ий, укмуш кооз жер экен, карачы. Мындай жерди өңүм тургай түшүмдө да көргөн эмесмин.

Чычкан. Сыйкырдуу жол бизди үңкүр менен алып жүрүп отуруп, асмандын жети катар түбүнө алып келди. Эки жакка суктанып карай берсең кайратыңдан тайып, келген максатыңды унутуп, ушул жерден түбөлүккө чыгалбай каласың. Андан көрө эч бирине көңүл бурбай баса бер. Акыркы тоскоолдук ушул жерде.

Бала. Айтканың эп, чычкан досум *(чочуп кетет)*. Ой, тетиги жактан айлананын баарын кара туман каптап келатат. Көрдүңбү, карачы тигине. Капкара туман!

Чычкан. Жөө туман болуп кубулуп, Жезкемпирдин биз тарапка карай келатканы. Дагы амал ойлоп таппасаң болбойт. Туман болуп каптап келип, бизге жакындаганда куюн болуп алып кетет. Амал ойло, адам! Тез, антпесең жакындап калды.

Бала. Кагылайын, энеке! Амалдуу Жезкемпир менен кармашканы турам, мага жардам бер, касиеттүү эне! Сенден улук, сенден ыйык эч ким жок. Колдо мени, энеке! Сыйкырла, Жезкемпирди жеңип, аман-эсен алдыңа барайын!

*(Сахна караңгылап, жарык жомокчуну көрсөтөт.)*

Жомокчу. Карыкты көзү жол карап,
Карыйт деп качан сапарың.
Өзгөчө бүгүн тынчы жок,
Угалбай бала кабарын.
Эмчеги зыр-зыр сайгылап,
Алып учат жүрөгү.
Кагылайын балам деп,
Эсендигин тиледи.
Жаным сага садага,
Душманыңды жеңе көр.
Туз-даамы тартып жериңдин,
Кубаныч менен келе көр.
Жалын чачып Жезкемпир,
Качырып кирди баланы.
Жалтанбай айбат көрсөтүп,
Душманын тике карады.
Туткандан булут бошотуп,
Элиме олжо менен келемин.
Жезкемпир, сени аябайм,
Азыр сазайыңды беремин!
Билегине күч толду,
Тилегинен эненин.
Уулун ушинтип шердентти,
Касиети эненин.

Сахна кайрадан ачылат. Баягы эле көрүнүш. Жаркырап тийген күндүн көзүн булут каптап, ал кара куюнга айланат. Шамал жүрүп, ал катуулап, таш учурат. Бала бардыгына туруштук берип, солк этип да койбойт. Чычкан бактын түбүндө шамалдан коргонуп, бөжөйүп отурат.

Жезкемпир *(жаңырык менен)*. Аа, буга солк эткиң жок ээ! Мага кайра айдарын тигип турганын карачы, Шашпа, кантип бир айла таппай калайын. Анда менин Жезкемпир атым өчпөйбү. Табам! Табам! *(Жарк-журк этип чагылган түшөт. Бала буга да солк этип койбойт. Жезкемпир абдан ачуулуу.)*

Ирмебеген көзүңдү,
Кандай шумдук эмесиң.
Чагылгандын огу өтпөс
Темир кандуу белемсиң.

Жоок, темирди да ок көзөйт. Менин амалым кырк түйүнчөктө түйүлүү, аны билип кой бала! *(Жезкемпир эми ок жылан болуп кубулуп, жер жаңырта ышкырып баланы көздөй октолот. Ошондо Бала койнунан энесинин кулазыкка берген көмөч токочун тосо калат. Нанга тийген жылан болотко тийгенсип тарс этип кайра жерге ыргып, жанчылып түшөт. Кайрадан мемиреген тынчтык. Баары бүттү, мөрөй биздики дегенсип, Бала шашпай жанчылып жаткан жыландын жанына келет. Чычкан чебелектеп Балага жетет.)*

Чычкан. Жезкемпирдин жаны алдагы чала өлүк болуп жаткан жыланда. Тезинен терисин сыйрып, кыныңа кыстар. Ошондо мөрөй сеники. Шашылбасаң Жезкемпир эсин жыйып дагы бир өнөрүн көрсөтөт.

Бала. Жарайт, досум. Жыландын терисин сыйрып кыныма кыстарайын. Айтчы деги, булутка качан жетебиз?

Чычкан. Терисин сыйрып жиберчи, анан айтам.

Бала *(чычкандын айтканын аткарат).* Мына, досум, бүттү.

Чычкан. Ап-баракелде! Эми асманды кара. Тээтиги токумдай кара булут сенин издегениң. Ал азыр эркиндикке чыкты. Аны кысып, жолун тороп турган Жезкемпирди жок кылдың. Карачы, издеген булутуң чубалжып, денесин жайып, ылдыйлап келатат.

Бала *(кубанычка батып турат).* Ушулбу мен издеген булут.

Чычкан. Ушул, сенин издеген булутуң!

Бала. Эне, энекебай, сүйүнчү! Мен издеген булутту таптым. *(Колун серепчелей асмандагы булутка карайт. Анан эки алаканын оозуна такай кыйкырат.)* Булут! Сени биз күтүп жатабыз, уктуңбу? Бул-уут! *(Чычканга кайрылат.)* Досум, сенин да жардамың чоң болду. Сага миң-мертебе ыраазымын! Сени менен кош айтышайын. Мени туулган жерим, жоро-жолдошторум, эне-атам күтүп жатат! Сен, аюу досум болбосоңор көздөгөн максатыма жетет белем, жетпейт белем, ал белгисиз болчу. Силерге ыраазымын, досторум! Досуң көп болсо эч качан кор болбойсуң деп атамдын, энемдин айткандарында калет жок экен.

*(Сахнада жамгырдын себелеген дабышы угулат. Авансценага кайрадан жомокчу чыга келет.)*

Жомокчу. Ушинтип бала көздөгөн,
Булутту издеп таап тыр.
Тоо-ташты бүтүн сергитип,
Эңсеткен жамгыр жаап тыр.

Сенин дагы көрүүчүм,
Элге тийсин керегиң.
Эрдик жашка карабайт,
Кичинемин дебегин.
Ушул акыл сөзүмдү,
Эске түйүп алгыла.
Жомок бүттү балдарым,
Үйгө жакшы баргыла.

Көшөгө жабылат.

*Жолборсбек Субанбеков*

## БЕЙБАШ

(Бир актылуу, эки сүрөттүү пьеса)

КАТЫШУУЧУЛАР:

1. Ишен Кожонов (Кишен) — окуучу, 14 жашта
2. Арстан Чекиров (Чыркырак) } Ишендин класcташтары
3. Назира Садыкова }
4. Бурул Мундузбаева (лейтенант) — өспүрүм балдардын иши боюнча милиция инспекциясынын башчысы
5. Ашым Турдуевич — мектептин директору
6. Калича Курманова — класс жетекчи
7. Милициянын сержанты.

Мектеп директорунун кабинети. Столдун үстүндө телефон, кагаздар, каптал жагында директор Ашым Турдиевич бирдемелерди жазып, кагаз карап отурат. Эшиктен өспүрүм балдардын иши боюнча милициянын инспектору лейтенант Бурул кирет.

Бурул. Руксат бекен?

Директор. *(Башын көтөрбөстөн.)* Кириңиз.

Бурул. Саламатсыздарбы.

Директор *(көз айнегинин үстүнөн карап)*. Саламатчылык кызым. Келиңиз, отуруңуз. *(Стулга жаңсайт.)*

Бурул *(отуруп жатып)*. Рахмат.

Директор *(көз айнегин алып)*. Келип калыпсыз кызым.

Бурул *(сүрдөгөнү байкалып)*. Мен, мен... өспүрүм балдардын иши боюнча инспекциядан келдим. Кожоновдун иши боюнча бир аз маалымат алсамбы дедим эле.

Директор. Аа, Кожоновдун иши боюнча дециз. Түшүнүктүү, түшүнүктүү: ал бейбаштан кутулган күнү той берет элек. Алигиче ишин карай элексиңерби? Биз өздүк делосун, педсоветтин чечимин, ата-энесинин түшүнүгүн —

баарын толуктап бергендеи болбодук беле. Дагы кандай маалымат керек? Сураңыз?

Лейтенант. Туура айтасыз, анын баары менен таанышып чыктым. Ошентсе да сизге жолугуп сүйлөшөйүн дедим эле.

Директор. Кызым, атың ким болот.

Бурул. Бурул.

Директор. А, Бурул кызым, аның туура дечи. Бирок кагазга биз болушунча так көрсөтүүгө аракет кылганбыз. Кагаз жазган жагын эптеп койбойбуз.

Селектордон үн. Ашым Турдуевич, сизди саат 10 го Районого чакыртышкан, чейректин жыйынтыгы тууралуу кеңешме өткөрүлөт экен. Саат үчтө исполкомдун сессиясы, чакыруу билети столуңузда.

Директор. Болуптур кызым. *(Селекторду өчүрөт. Сөзүн улантып)...* Азыр ал документтерге оозеки бирдеме кошумчалаш деле кыйынбы деп ойлойм. *(Ийнин куушуруп, алаканын жайып.)* Ишенип кой кызым, бекер эле убакыт коротобуз.

Селектордон үн: Ашым Турдуевич? Элге билим берүү министерствосунан комиссия келет экен *(директор элейе кулак салат)*. Мектеп ремонтунун сапатын текшерет экен. Баса, Ашым Турдуевич, унутуп калган турбаймынбы. Алым башкарма телефон чалган. Сыр жок дейт. Болуп калса жардам берүүгө убада кылды.

Директор. Ира, Гүлжан Байгазиевнага эскертчи. Мени сураңды де. Он банка сыр тапсын, классында эки начальниктин баласы окуйт эмеспи. Айтып кой, комиссия келгенче, тезирээк кыймылдасын.

Селектордон үн: Жарайт.

Директор *(актангандай)*. Бир айдан бери мектепке 10 банка сыр таба албайм. Ишенесизби, кызым, ушуга. Спорт залыбыз күздөн тартып сырдалбайт, ошону бүтүрө албайм. Тигинтип комиссия келген жатат. Арга кетип калды. *(Колун шилтеп.)* Эх, директор байкуштун колу эмнелерге гана тийбейт. Кабинеттерди толуктап жабдыш керек. Айтор, Бурул кызым, жүгүрүш керек, жүгүрүш... А алдагы кудай безерден бизди канчалык тезирээк куткарсаң, ошончолук жакшы. Ал жөнүндө башыңды оорутпа, балам. Баары түшүнүктүү, баары талкууланган, баары чечилген. Албетте, үйүндө болгонбуз, кызым. Быйылкы эле окуу жыл ичинде класс жетекчиси төрт жолу үйүндө болгон. Үйүнө түнөбөйт. Себеби жок.

Бурул. Кандайча себеби жок?

Директор. Себеби жок. Бир кудай безер да. Болбосо, үйү турса, ата-энесин какшатып талаага түнөп жүрөбү?

Мына атасынын түшүнүгү *(бир барак кагазды суурул чыгып көрсөтөт).* Баламды эмне кылсаңар өзүңөр билгиле. Баш ийдирүүгө менде арга жок деп жазат. Мындан ашык эмне документ болушу мүмкүн?

Бурул *(кагазын окуйт).* Быйылкы окуу жыл ичинде кыйын тарбияланууучу окуучулар менен кандай иш алып барылган? Канча бала кыйын тарбияланууучу катары учётто турат? Жүргүзүлгөн иштердин натыйжасы барбы?

Директор. Мектепте тарбия иши жакшы жолго коюлган, кызым. А жагынан шүгүрчүлүк, райондогу мектептердин алдындабыз. Кыйын тарбияланууучу балдар менен милиция, сиздин ордуңузда мурун иштеген жигит менен *(кагаздардын арасынан эки-үч баракты суурул чыгып, көз айнегин кийип окуй баштайт)* «Өспүрүм», «Кулпу», «Бахус», «Бродяга» аттуу шарттуу жашыруун аттар менен 4 жолу рейд өткөрүлгөн. Тарбия, укук таануу темасында толгон лекция, 32 аңгемелешүү, 8 суроо-жооп кечеси болгон. *(Сөөмөйүн чочойтуп сыймыктанган түрдө)* же бул былтыркыга салыштырганда 20 лекцияга, 10 аңгемеге, 3 суроо-жооп кечесине көптүк кылат *(үнүн акырындатып).* Ошого карабастан быйылкы окуу жыл ичинде окуучулар арасында тартип бузуу маселесин кыскартууга жетише алган жокпуз. Же былтыркыга салыштырганда тартип бузуу 30 процентке көбөйүп кеткен. *(Кызууланып.)* Түшүнөсүзбү, айланайын, мектепте 8 жолу тартип бузулса, төртөөнү жана кудай безер берип жатпайбы. Же мектеп боюнча тартип бузуунун элүү процентин жалгыз Кожонов берет. Анан кантип биз оңолобуз. Кантип мектеп алдыга чыгат. Бала эмес эле кудаяткыр. Куткар айланайын, андан бизди бир эсалт. Көкөйүбүзгө көк таштай гана тийди. Суранам сенден айланайын, Бурул кызым.

Бурул. Дагы бир суроо. Жок... суроо деле эмес *(кагазын окуйт).* Кожоновго жакын санаалаш эки-үч бала менен аңгемелешсем дедим эле. Мүнөздөмө да керек.

Директор *(жактырбаган түрдө).* Алда айланайын айе! Ал кудай безердин ким менен дос, ким менен кас экенин кайдан билейин. Ал безердин досу бар дейсиңби. Касы го толуп жатат. Азыр мен класс жетекчисин чакыртайын. Ал сизге баарын айтып берет. Мүнөздөмөнү да ошондон аласың. Ал азыр сабакта болуш керек. *(Сөөмөйү менен расписаниени сыдырып, керектүү колонкага токтоп, селекторго сүйлөйт.)* Ира, Калича Курмановнаны чакырып койчу, 9 кабинетте сабакта экен. Бир мүнөткө кирип кетсин. Азыр класс жетекчиси келет. 20 жыл стажы бар, тажрыйбалуу адам. Балдардын милдетин беш колун-

дай билет. Алдыңкы мугалимдерибиздин бири. Эми сиз мага руксат бериңиз. Ансыз да кармалып калдым. Калган жумушту ошо киши менен бүтүрө берсеңиз болот. *(Туруп кийине баштайт.)*

Селектордон үн: Калича Курмановна сабагын алмаштырып, зарыл жумушу менен чыгып кетиптир. Түштөн кийин болот экен.

Директор. Каап, муну карачы. Болуптур кызым, аны түштөн кийин сизге жолук дейин. Сиз өзүңүздө болосузбу?

Бурул. Ооба, мен өзүмдө болом, агай. Саламатта калыңыз. *(Эшикти карай жөнөйт.)*

Директор *(селекторго).* Ира, Калича Курмановна келери менен өспүрүм балдардын иши боюнча инспекцияга барсын. Эскертип койчу. Кожоновдун иши боюнча керектүү кагаздарын алып алсын.

Селектордон үн: Жарайт, Ашым Турдиевич.

## ЭКИНЧИ КӨРҮНҮШ

Өспүрүм балдардын иши боюнча милиция инспекциясы. Столдун артында Бурул отурат, телефон, каптал жакта сейф. Эшиктен класс жетекчи кирет.

Класс жетекчи. Кызым, кандайсыз. Кирип кетсин депсиздер, келип калдык. Дагы эле баягы Кожоновдун чуусу бүтпөй жаткан го. Түшкө гана кирчү болду ал бейбаш. Деги кутултсаңар болду.

Бурул. Келиңиз, келиңиз эже. Отуруңуз. Сизге директор агай айтса керек. Мен мүнөздөмө сураттым эле. Эмне үчүн Кожонов ушул ишке барып, ушуларды жасап жүрөт? Экинчиден, сиз, класс жетекчи катары жазылган кагаздарга дагы кошумча маалымат бере алабы деген оюм бар эле.

Класс жетекчи. Класс жетекчи катары кошумча маалымат дейсизби? Кандайча кошумча маалыматты айтасыз? А айта келсе маалымат деген көп эле. Ал бейбаштын кылыктары өзүнчө эле жомок. Кайсынысынан баштаарды билбейм.

Бурул. Кайсынысынан баштарды билбесек анда, келиңиз, катары менен баштайлык. Биринчиси: терезени Кожонов кантип сындырып алды?

Класс жетекчи. Кантип дегениңиз кандай. Сиз суроону так койбой жатасыз. Терезени сындырыш кыйын эмес да. Жанагы бейбаш беш минут бир орунда тынч отуруп көргөн жан эмес. Дайыма бир нерселерди сындырып, бүлдүрөт да жүрөт. Өзү кылганын мойнуна алганына

ырахмат. Класстагылар да анын айтканын ырастады. Анысы бар. Өлсө танбайт.

Бурул. Түшүнүктүү, түшүнүктүү. А Туратовду эмне үчүн?

Класс жетекчи. Эмне үчүн көк ала койдой сабады дегиңиз келет ко? Сиздин оюңузду таап койдумбу? Айттым го, бала эмес эле бир балээ деп. Бирөө менен урушуу, мушташуу, сабашуу — бети курусун, жөн эле окуусун бүтүп келгендей. Качан көрсөң көгала, кийими дал-дал айрылып жүргөнү жүргөн. Анын үстүнө Туратов экөөнүн мамилеси башынан келишпейт. Ит менен мышыктай.

Бурул. Эже, кечиресиз, сөзүңүзгө аралжы. Кожонов эмне үчүн дал ошо Туратов менен мушташты. Андай эле мушташчаак болсо, мисалы, тиги Мусаев менен эмне мушташпайт. Тиги Чекиров менен..

Класс жетекчи. А айланайын, жаш,тажрыйбаң жок экени байкалып жатпайбы *(кичүүсүнтүп жылмайып).* Жанагы желмогуз ким менен мушташсам деп себеп издеп жүрөт дейсиңби. Ал аны жасачу бала эмес деп айтып жатпайымбы. Жөн эле көзүнө «ысык досу» биринчи көрүнө калды, ылайыктуу убакта, сабак бүткөн учур, кой деген кожо, ай деген ага жок, сабап салып кетет.

Анан жанагы мектептин устаканасынан аспаптарды бир чоң себеп болуп уурдады дейсиңби, кызым. Бузулуп бараткан балдардын психологиясы ушуга түртөт. Силерге институттан окутса керек психологияны. Кыскасы, буга окшогондор бирдемени ойлоп таап турбаса башы ооруй турган болуп калат. Аргасыз багынтуу методун колдонбосо бул баланын келечегин болжош кыйын болуп кетиши ыктымал, кызым. Ошон үчүн эртерээк жеткириш керек, жетчү жерине. Үйүнө түнөбөйт. Ата-энеси да кол шилтеп койгон ага. Лично өзүм быйылкы окуу жыл ичинде эле төрт жолу болдум. Аргам түгөндү дейт атасы. Ана, заявлениеси силерде жатпайбы.

Бурул *(суроо жазып койгон кагазына көзүнүн кырын түшүрүп).* Айтыңызчы. Кожоновдун сабактан жетишүүсү, бирге окуган балдар менен мамилеси кандай. Мамилеси жакын балдар барбы?

Класс жетекчи: Жетишүүсүбү?... Вообще, жетишүүсү кандай деп айтсам. Такыр эле эчтеке түшүнбөгөн, тупой деп айтууга болбойт. Экилери бар, көбүнчө үч, төрттөрү бар... Пожалуй, беш да ала коёт. Кыскасы... настроениесине жараша. Кааласа окуйт, каалабаса жок. Сабакка да ошондой келет. Айтор жиндиликтен колу бошобойт. Мамилеси жакын балдары деле жок. Ал кудай безер менен ким мамиле түзмөк эле. А-а. бир сары бала менен

жакын болушу керек. *(Эстөгө аракет кылып)* Фамилиясы ким эле, атың өчкүрдүкү. Тфу, эстен чыгып кеткенин карабайсыңбы?! Жетим сары бала. Экөө бирге отурат. Вообще, билем, керек болсо мен аны сизге жиберейин. Ал бирдеме айтып берер дейсизби. Бекер эле убактыңызды алат. Мейли эмесе, мен барайын. Бүгүн диктант жаздырдым эле. Дептер деген неме тоо. Үйдө жаш балдар, көр оокат. Кыскасы, түйшүк жетишээрлик. Сен дагы мендей болорсуң дегендей. Турмуш кура элексиң го, кызым? *(Кагаздарын жыйыштырып кетмекчи болот.*

Бурул. Жок, эже.

Класс жетекчи. А ничего. Ал эч жакка кетпейт. Сен да бизге окшоп жүгүрөсүң. Баса, Кожоновдун характеристикасын ала келгем, унута жаздаган турбайымбы *(Сумкасын аңтарып бир топ кагаздарды сууруп чыгат.)* 4-5 барак жерге түшүп кетет. *(Бурул кагаздарды эңкейип алып берип жатып, алар печать басылган, фамилиясы жазылбаган даяр мүнөздөмөлөр экенин байкап, кызыгып окуп, класс жетекчиге суроолуу карайт.)*

Бурул. Баарына бирдей мүнөздөмө жазылып, печать коюлган турбайбы. Мына кызык, фамилиясын кой да, узата бер.

Класс жетекчи. *(Бурулдун колунан барактарды тез алып.)* Андай эмес, андай эмес, кызым. Печать басылып коюлганы чын. Бирок биз да келесоо эмеспиз. Бекеринен жыйырма жыл иштедик дейсиңби. Бир характеристика эмес, үч-төрт характеристика жазабыз. Өзү деле үч-төрт түрлүү окуучу болот. Начар окуучу, орто окуучу, түзүк окуучу, эң мыкты окуучу. Мүнөздөмө да төртөө. Кайсы окуучу кайсы мүнөздөмөгө бап келерин биз беш колдой билебиз. Ал жагынан опыт жетишет. Анан минтип даярлап койгонубуз, убакыттан утсак деген эле далалат. Чейрек аягы болуп калды. Өз учурунда тапшырбасаң, а да балээ. Башыңа түшсө,балам, сен да педагог экенсиң, түшүнөсүң. Баса, түрлүү мүнөз болорун силер институттан деле өткөндүрсүңөр, тиги флегматик, холерик, жанагы эмне эле... сангвиник, меланхолик. Андан артык биз эмнени табабыз. Илим жүзүндө далилдеп турса. Кой эмесе, кызым, жакшы кал. Ансыз да кармалып калдым. Жанагы сарыны өзүңө жиберем.

Бурул. Жакшы барыңыз. Баса, эже, унутуп бара жаткан турбаймынбы.

Класс жетекчи *(жактырбаган түр менен).* Угуп жатам.

Бурул. Кожонов үйүнө келбей калганда кайда түнөп жүргөнүн билбейсизби?

Класс жетекчи *(сенден сизге өтүп).* Кайда дегениңиз кандай Үйгө түнөбөгөн бала кайда түнөшү мүмкүн. Түнөй берет да кайсы жерге болсо. Талаага, чөптүн түбүнө, же тиги бош турган үйлөрдүн чатырына. Аны менен бирге түнөп жүрбөгөн соң кайдан билем. Анын кай жерге түнөп жүргөнүнүн ушунчалык мааниси барбы. Кызык суроо койдуңуз, кызым. Мындай майда-чүйдөгө башты оорутуп эмне кылабыз. Документтер толук топтолду, жибер да нары жакка. Ай ушу биздин гумандуу заманыбыз да кээде жанды кашайтат. Бир бейбашты балдарга кесирин тийгизбей оолагыраак кармаш үчүн канча мекеме, канча кишиге макулдашыш керек, канча справка топтош керек, анын ортосунда канча нерв коротуш керек. Ата-эненин арызы, педсоветтин чечими, баланын өзүнүн түшүнүгү, класс жетекчинин берген мүнөздөмөсү кол коюлуп, печать басылып — ушунун баары колуңузда турат *(далысын куушуруп).* Билбейм. Дагы эмне жетишпейт. Сиз дагы эмне сурайсыз?

Бурул. Кечиресиз, эже. Чын эле көп суроо берип жаткандырмын. Бирок, сизге айтайын дегеним, бул менин биринчи жолку жоопкерчиликтүү кадамым. Ал жаңылыш болбосо деп ойлодум эле. Кечирип коюңуз. Башка суроо жок.

Класс жетекчи. Анда эмесе жакшы калыңыз. *(Сумкасын көтөрүп чыгып кетет.)*

*(Эшиктен милиционер Кожоновду бекем кармап, жетелеп кирет.)*

Милиционер. Жолдош лейтенант, маалымдоого уруксат этиңиз. Өспүрүм... тартип бузуучу Кожонов.

Бурул. Рахмат. Бара берсеңиз болот. *(Кожоновду көз токтотуп карап).* Кана Кожонов, отурчу.

Милиционер *(Чыгып баратып).* Жолдош лейтенант, сизге эскертейин дегеним, бул оңбогур качууга өтө жөндүү.

Лейтенант *(жылмайып).* Кабарым бар, кабарым бар. Ырахмат эскерткениңизге. *(Милиционер чыгып кетет. Кожоновго.)* — Атың ким, чоң жигит?

Кожонов. Кишен. Жок, Ишен.

Бурул. Менин атым Бурул...

Кожонов *(башын өйдө көтөрүп, таң калгандай, бир чети күлкүсү келип).* Өтө жагымдуу, өтө жагымдуу.

Лейтенант *(кызарып).* Мына, таанышып да алдык. Албетте, таанышкыбыз жаман себептер аркылуу болуп отурат. Ошентсе да...

Кожонов. Кереги жок, жолдош лейтенант.

Лейтенант. Эмненин кереги жок.

Кожонов. Күлкү,кылыштын. Андан көрө мен эмне кылмыш кылганымды сизге айтып берейин, сиз угуп туруңузчу. Алдагы кагаздарда жазылгандардын баары туура. Моюнга алам. Каякка жиберсеңиз мага баары бир. Дагы эмне керек менден? Эртерээк мен дагы качып кете электе кутулбайсыздарбы. Суранам сизден. Башка эчтеке айтпайм сизге. Эчтеке чыгара албайсыңар.

Бурул. Сен шашпачы, Ишен, эгер мага эч нерсе айтып бергиң келбесе, жок дегенде мен койгон суроолорго жооп берип турчу. Антпесе сенин суранычыңды мен тез аткара албайымбы деп корком. Биринчи суроо. Мектептин терезесин эмне үчүн сындырдың, атайынбы же кокустуктанбы?

Кожонов. Кокустуктан. Колум тийип кетип сынып калды. Кичине олдоксондук жайым бар.

Лейтенант. Ошондой, сержанттын колунан эмне үчүн эки жолу качып кеттиң. Эмне кажети бар эле?

Кожонов. Мен эркиндикти сүйөм, жолдош лейтенант. Качкым келип качып кеттим. Жөн эле, күчүмдү сынаш үчүн.

Лейтенант.Кантип. Эки жолу качыш оңой эмес да.

Кожонов. Эмнеси кыйын дейсиз. Биринчи жолу машинадан секирип кеттим. Экинчи жолу туалетке кирдим да, төбөсүнө акырын асылып туруп алдым. Эшикти ачып көрбөстөн мени кыйкырып-өкүрүп издеп кетти. *(Лейтенантчын пейили менен каткырып күлөт. Кожонов да жылмаят.)*

Лейтенант. Сен оңой эмес көрүнөсүң. Аны кантип ойлоп таптың?

Кожонов. Кыйын деле эмес. Кинодон көргөм.

Лейтенант. А Туратовду эмнеге сабадың?

Кожонов *(күлкүсү жоголуп, мурдагы түнөргөн калыбына өтүп).* Жөн эле, колум кычышып сабадым *(телефон шыңгырайт, Бурул трубканы алат).*

Бурул. Лейтенант Мундузбаева угуп жатат. Саламатчылык, жолдош майор. Алынча. Көнүп келе жатам. Приказ чыгарбай коё туруңуз.Ооба.Жен коё туруңуз. Приказды агай. Жок дегенде бир, эки жума иштейин. Мен өзүм айтам. Кварталдын жыйынтыгы дейсизби. Өткөн жылкыга салыштырганда көбөйүп кетиптир. Азыр канча процентке экенин сизге так айтып берейин. Бир мүнөткө *(телефонду столдун үстүнө коюп, сейфтен керектүү кагаздарды издей баштайт. Кожонов кепкасын столдун үстүнө коюп, акырын эшикти ачып, кайра келип столдун астына кирип кетет. Бурул керектүү кагаздарын таап).* Алло, жолдош майор. Он сегиз процентке көбөйүп кетиптир. Ооба, ооба. Кантип?.. Дагы үч күндө болгондорду

кайда алпарабыз. Түшүнбөдүм, жолдош майор. Хим Ловушкова. Кантип кыскартам. Андан көрө балдар менен иштеш керек го дейм. Кожоновго окшогондор менен... *(башын буруп Кожонов турган жакты карап катып калат. Телефонду колунан түшүрүп, столдун үстүндөгү кепканы кармап эшикке жүгүрөт. Бир аздан кийин кайра кирип, салаңдап турган трубканы кармап).* Алло, жолдош майор... Мен... Мен бул жерде иштей албайм. Мага приказ чыгарбаңыз. *(Трубканы коюп, колу менен бетин жаап, ыйлайт. Кожонов Бурулдун ыйлаганын угуп, столдун астынан чыгып келет. Бетин басып отурган Бурул, Кожоновдун табышын угуп, жүзүнөн колун тез алып, акырындык менен өйдө болот. Экөө бир-бирин тиктешип туруп калат).*

Кожонов. Мен... милиционер... ыйлабайт ко дегем.

Бурул *(жашын ортону менен сүртүп, жымаят).* А-а... Мен кичине кезимен эле ушундай, көзүмдүн жашын токтото албайм. Эчтеке эмес. Сен аябай тамашакөй турбайсыңбы. Мени бир коркуттуң. Милиционерлерден качып кеткениңе эми ишендим *(шаттуу).* Кана отур, Ишен, мындай. *(Ишен отурат).* Эми кантип качканыңды айтып берчи. *(Ишен унчукпайт).*

Бурул. Мектептин устаканасынан аспаптарды эмнеге алып кеттиң?

Кожонов. Керек болду, алдым. Үйгө түнөөнү каалабайм. Түнөбөйм. Башка сурооңуз жокпу? Баарына жооп бердим го дейм. Эми менден эчтеке сурабаңыз. Баары бир эчтеке айтпайм. Айттымбы, бүттү.

Бурул. Ишен, сен экөөбүз келишпедик беле. Эмне, айныдыңбы. Кожонов унчукпайт. Эшик ачылып, бир колуна шапкесин, бир колуна папкесин кармаган, чачтары уйпаланган, мурду тердеп кызарган, арыкчырай бала *(Чекиров)* баш багат.

Чекиров *(чыйылдаган ичке үнү менен).* Руксаатпы?

Бурул. Кир, кир жигит. Кана, мындай отур. *(Кожоновдун маңдайындагы столду көрсөтөт. Чекиров отурат.)*

Бурул. Кожоновдун жакын жолдошу сен болосуңбу?

Чекиров. Ии!

Бурул. А жакшы, жакшы. Атың ким, жигит?

Чекиров. Чыркырак... Ой, жок. Чекиров Арстанмын.

Бурул *(күлкүсүн билдирбөөгө аракеттенип).* А жакшы, жакшы Арстан. Айтчы сен, эмне үчүн Ишен досуң терезени сындырды?

Чекиров *(обдулуп, бирдеме айтайын деген. Чекировдун түрүн көрүп, Кожонов лейтенантка байкатпай муштум көрсөтөт).* А-а... Ии-и... Мен көргөн эмесмин.

Бурул. Ошондойбу? Айтчы Арстан, досуң жөнүндө эмне айта аласың. Ишен жакшы балабы?

Чекиров. А-а... Жакшы... *(Кожоновдун кабагын байкап).* Ии... Жама... а жок, орточо эле...

Лейтенант. Сен эмне эле кекечтенесиң. Туура оюңду айтпайсыңбы *(кызууланып).* Билесиңби, эгер сен минтип отурсаң, досуң түрмөгө түшөт. Уктуңбу, кесилип кетет. А сен кекечтенесиң. Кана, так жооп бер. Эмне үчүн досуң Туратовду көк ала кылып сабады?

Чекиров *(чечкиндүү).* Туратовду, бу Ишен, билем эмнеге сабаганын. Аны... *(ошол учурда Кожонов аны муштуму менен тап берет. Чекиров өтө тездик менен шапкесин, папкесин алып столдун астына кирип кетет).*

Лейтенант. Чык дейм столдун астынан. Кожонов, сен тынч отур.Чекиров чык, жооп бер, эмне үчүн?

Чекиров *(столдун астынан).* Назира үчүн.

Кожонов *(тура калып, столдун астына эңкейип).* Чыркырак! *(Чекиров туруп, четке качат.)*

Лейтенант. Жетишет! *(Туруп келип экөөнү эки карама-каршы дубалдын түбүндөгү стулдарга отургузат. Чекировго.)* Назира деген ким?

Чекиров. Биз менен бирге окуйт. Мени менен кошо келген. Чакырайынбы, эшикте турат. Ал баарын айтып берет. *(Жалтактап Кожоновго карайт.)*

Лейтенант. Ошондойбу. Кана, чакыр.

*(Чекиров эшикке тез чыгып, Назира менен кошо кирет.)*

Назира. Саламатсызбы, эже!

Лейтенант. Саламатчылык. Кана, Назирка, отурагой. *(Назира отурат.)*

Кожонов. Менин жасаган ишимде кыздардын кандай тиешеси бар, жолдош лейтенант? Жасаган ишимди өзүм мойнум менен тартам. *(Назирага.)* Сени кийлигишүүгө ким суранды, Садыкова? Ар ким өз иши үчүн жооп бериш керек да. Кереги жок мага адвокаттын.

Назира. Келесоосуң Кожонов, ошо бойдон каласың өмүр бою. Азыр мен атайылап эжейге бүт баарын айтып берем. Жетишет. Сен мурдуңду көп эле көтөрө бербе. Сен айткандай ар ким өз иши үчүн жооп бериш керек. Терезени мен сындыргам, демек мен жооп берем. Мен үчүн жооп беришиңди каалабайм, түшүндүңбү?! Эже, терезени Кожонов эмес,' мен сындыргам. Азыр баарын айтып берем.

Кожонов. Жолдош лейтенант, укпаңыз аны. Баары калп. Терезени мен сындыргам. Тигине, аныгы жазылган, үч кишинин колу бар. А Садыкованын эч далили жок. Ишенбеңиз ага.

Назира. Кожонов, жетишет! Мен азыр сага бардык далилдерди таап берем. Эч кайгырба. Бир гана жолтоо болбо. Эмне дедиңиз эле, эже?

Лейтенант. Терезени... Терезе эмне болуп сынды? Ошону түшүндүрчү?

Назира. Мен Туратовду китеп менен уруп калсам, ага тийбей, терезеге барып тийбедиби.

Лейтенант. А сен Туратовду китеп менен эмнеге уруп калдың?

Назира. Аны сизге кандай түшүндүрсөм...

Кожонов. Түшүндүрүштүн эмне кажети бар, ансыз деле баары түшүнүктүү болуп турбайбы.

Назира. А сен унчукпа, бир аз отуруп тур. Айтам дебедимби, айтып берем. Биз, Чыркырак, Ишен үчөөбүз... Ой, бул үчөөбүз кошуна турабыз.

Чекиров. Үчөөбүз доспуз.

Назира. Андай деле эмес. Жөн эле Ишен менен Арстан мени кошуна катары эки жолу киного чакырышкан.

Чекиров. Кошуна болбосоң деле чакырмакпыз... Тиги... *(Кожоновдун муштүмун көрүп унчукпай калат.)*

Назира. Кеп анда эмес да, Арстан. Азыр кеп башкада. Туратов ошону көрүп калып, элдин баарына бизди жаман атты кылып ушактап чыгыптыр. Анысы аз келгенсип менин сумкама кагазга сүрөт тартып, алдына «Назира+Ишен» деп жазып жана...

Чекиров. Ар кандай мазактаган сөздөрдү да жазып, сумкасына салып коюптур.

Назира. Мен терезе сынгандан кийип коркуп үйгө кетип калдым.

Чекиров. Терезе сынгандан коркпой эле, уялып кетип калгансың.

Назира. Мен кеткенде Кожонов менен Туратов мушташыптыр.

Чекиров. Экөө тең эле көгала болгон. Бирок оңбогон Туратов энеси экөө жүгүрүп барып доктурдан справка ала коюптур. Анан класс жетекчи сурабай эле Кожоновго акты жазып койду. Анын үстүнө Ишен баарын өз мойнуна алды.

Бурул. Ошондойбу? М-да... А тиги аспаптар эмне болду...

Назира. Аспаптар тууралуу мен эчтеке билбейм. Аны тиги Чыркыр... Арстан билсе керек...

Чекиров. Билем, билем. *(Кожоновду карап.)* Билбейм... Жок билем.

Назира. Айта бер, Арстан. Коркпо.

Чекиров. Эмнеге коркмок элем. *(Кожоновду жаңсап.)*

Эч кимге айтпайм деп ант бергем. Ишен үйүнө түнөп жүргөн биздин мектептин кароолчусунун кол арабасы сынып калып, ошону оңдоп, кайра ордуна коёлу деп бара жатканда, Туратов көрүп калган.

Лейтенант. Түшүнүктүү, баары түшүнүктүү... Бир гана, үйүнө эмне үчүн түнөбөй жүргөнү түшүнүксүзүрөөк болуп жатат.

Чекиров. Үйүнө түнөбөгөнү.. Кишен, сен таарынба, айтпаса болбойт. Түнөбөгөнү, эже, мунун атасы өгөй. Ичет экен. Сабайт экен.

Лейтенант. Кандайча өгөй. А жөнүндө эч жерде жазылбаган го. Фамилиясы да окшош. Сен жаңылып жүрбө.

Назира. Ишендин билегин караңызчы эже. *(Ишен колун аркасына катат.)* Биз ошон үчүн Кишен дейбиз. Жети жашында өгөй атасы огородго кошунанын музоосун киргизип жибергени үчүн эки билегинен кыл чылбыр менен байлап алып, атка сүйрөтүп сабаган. Колунда кишендей тагы бар. Менин апам чылбырга асылып жатып араң ажыратып калыптыр. Өз атасы тирүү болсо ушуну көрмөк беле, деп апамдын ыйлаганы али да эсимде.

Чекиров. Анан эже. Кишенди үч күн сарайга камап койгондо нан ташып баккам. Анан төбөсүн тешип чыкканбыз. Ошондон кийин Кишен бекилген эшикти көрсө болду, коркуп турат качкысы келип.

Лейтенант. А ата-энеси эмне...

Назира. Атасы бир жашка чыга электе дүйнөдөн кайтыптыр. Апасы, кошуналары Ишендин өгөй атасынан коркуп эчтеке айтышпайт. Өгөй экенин жашырышат. Бирок ичкилик ичип алса болду, апасы экөөнө күн жок. Дайыма чатак. Апасы Ишенди балдар колониясына жиберсе, токмоктон кутулар деген үмүттө жүрөт. Өзү да ошондой ойлойт. Бирок жолдошторумду эстесем кайра качкым келет дейт. Мен баарын айттым эже. *(Көзүнөн жаш кылгырып ылдый карап отуруп калат.)* Анан... тиги...

Лейтенант. Эчтеке эмес. Жүрү, сууга бетиңди жууп алчы *(экөө эшикке карай басышат)*. Арстан, сен бошсуң, барагой сабагыңа.

Чекиров *(эшикке тез жетип, акырын ачат, эки жакты карап, Ишенди жаңсап өзүнө чакырат)*. Качтык, Кишен. Абдан ыңгайлуу учур.

Кожонов *(ойлоно калып, эшикти ачып, эки жакты карап)*. Жок, мен ушу жерде калдым.

Чекиров. Ай, сен жинди болдуңбу, Кишен. Бол тезирээк. Кеч боло электе...

Кожонов. Жабышпа, Чыркырак. Калам дебедимди, калам. Айттым, бүттү.

Чекиров. Ай, Кишен, жүр дейм. Карачы эшик ачык, эч ким жок.

Кожонов. Келесоо. Сени бул жерде эч ким кармабаса, кубалабаса, эмнеге качабыз ыя? Эшик ачык турса. Жок. Азгырба. Андан көрө сен бара бер. Бошсуң дебедиби. Тезирээк жөнө. Кечтим, сага окшогон досту. Дагы ант бергем деп коёт. Кана, жөнө алты саның аманыңда! *(Арстан үнчүкпай тура берет.)* Ай, жөнө дейм, эмне турасың. Же унутуп калган кебиң барбы айта элек. Болбосо, тезирээк чык, бол дейм! *(Арстанды карай тап берет. Ал четке качат. Сумкасынан кармап тартат. Сумка ачылып боорсок, жумуртка, картошка ж. б. продуктулар жерге чачылат. Арстан аларды терүүгө шашат.)*

Кожонов. Жаныңызды мынча бапестеп, мынча кастарлап багарыңызды билбепбиз, Арстан мырза! *(Эшиктен Бурул менен Назира кирет.)*

Бурул. Буларың эмне, Арстан? *(Арстан үнчүкпай тамак-аштарын жыйнап сумкасына салат.)* Болдуңбу. Эмгиче эмне сабагыңа барбайсың. Жөнө сабагыңа. *(Арстан тура берет.)* Эмне кыймылдабайсың же айтар сөзүң барбы?

Чекиров. Бар.

Бурул. Бар? Сүйлө анда.

Чекиров. Эже мен, мени... Ишен менен бирге кайда болсо да жиберсеңиз. Биз ар дайым бирге бололу деп сөз беришкенбиз. Эгер жибербесеңиз, мен да үйдөн качып кетем. Терезени сындырам, аспап уурдайм. Туратовду сабайм. Баары бир ал максатыма жетем. Суранам сизден... Мен баарына даярмын!

Бурул *(күлкүсүн байкатпай)*. Баарына даярмын дечи?

Чекиров. Дапдаярмын эже. Мына сүлгү, самын, кружка, тамак-ашым жанымда. Бизди ажыратпаңыз. *(Ишендин катарына барып турат. Кожонов Чекировго ыраазычылык менен жал-жал карайт.)*

Бурул. Ажырабайбыз дегилечи. М-да... *(Назирага жакындап, колун ийнине коюп.)* Ушундайбы Назирка? Мындай ысык досторду кантип ажыратышка болот? *(Телефон шыңгырайт.)*

Бурул *(трубканы алат)*. Өспүрүмөр иштери боюнча милиция инспекциясы угуп жатат. Саламатсызбы, жолдош майор. Ырахмат, алынча. Жакшы... Баса, приказ чыгара бериңиздер. Мен калып иштөөнү чечтим. Жок, эми айныбайм. Кожоновдун иши бүтүп жатат. Сизге маалымдайм. Сөзсүз. Жакшы калыңыз.

Көшөгө.

*Жантөрө Суранов*

# БУГУ ЭНЕ

*(Мектеп куурчак театрлары үчүн)*

Катышуучулар:

Бугу эне
Тынар
Чынар — өспүрүм, кийинки жубайлар
Мергенчи
Тагай — хан
Нагай — вазири
Шууту — куйту аял
Булбул — булбул куш

## БИРИНЧИ БӨЛҮК

Адыр-адыр чакан тоолордун этегине тигилген ак өргөө. Андан ары бирин-экин боз үйлөр уланып кичине айылды түзүп турат. Арыда калың токой көрүнөт.

Чынар. Ушул эле жерден терели. Карачы гүлдөр көп экен.

Тынар. Жүрү, мындан да кооз гүлдөр токойдун ортосунда.

Чынар. Койчу, ал жактан корком. Кокус карышкыр чыга калса...

Тынар. Кайдагы карышкыр? Карышкыр күндүзү улуу тоолорго кетип калат.

Чынар. Ошентсе да корком. Ушул эле жерден издейличи...

Тынар. Мейли. Бирок тигил жерде көп экен, карасаң, тигине. Жүрү. *(Экөө ары кетишет. Эки жакты абайлай, уурданып Шууту кирет. Ал тегеректе эч ким жок экендигине ишенгенден кийин балдарга кайрылат.)*

Шууту. Э-эй балдар, бери келгиле. Эмне жүрөсүңөр.

Тынар. Гүл тандап жүрөбүз, эне.

Шууту. Бери келгиле. *(Балдар жакын келишет.)* Сен кимдин баласысың?

Тынар. Күлчөнүн. *(Чынар да күтүүсүз, сыймыктуу.)* Баатыр Күлчөнүн.

Шууту. Оо-о тегеренейин, өзүмдүн эле жакыным турбайсыңбы. Мен сенин түп таянең болом. Бери келчи *(калп эле маңдайынан өбөт)*. Алтыным...

Тынар. Эне, мен сизди таанымбайт экенмин.

Шууту. Каттабаганыма көп болду. Алыста жашайм.

Кайдан тааныйт элең. Атаңды ооруп жатат дешкенинен. көрөйүн деп келдим. Жакшыбы?

Тынар. Жакшы эле...

Шууту. *(Өзүнчө.)* Кудай урганды төшөктө деп укпадым беле. Кокус жалган болсо, Тагай аны жеңе албайт. Бөөдө кыргынга түшөбүз. Дагы сурайынчы. *(Балдарга.)* Жакшы эле болсун. Баягысындай шатыра-шатман дечи...

Тынар. Жок, азыр төшөктө жатат.

Шууту *(өзүнчө)*. Төшөктө. *(Тынарга кайрылап.)* Эшикке кирип чыгабы?

Тынар. Анысын билбейм. Бизди ал жаткан үйгө киргизбейт.

Шууту. *(Өзүнчө.)* Жатканы чындык дейли... Бирок каруу кармаганга жараса эле бизди ойрондотот. Аныгын билейин.— Балдарым, эл эмне дейт?

Чынар. Эл эч нерсе деген жок. Карып атам гана бизди жакшы гүл терип келгиле деген.

Шууту. Гүлдү эмне кылат экен ботом?

Чынар. Баатыр жаткан бөлмөгө койбойбу. Абасы тазарып, жыттуу болбойбу.

Чынар. Жүрү Тынар, анда биз жакшыраак гүлдөрдү тандап үзөлү.

Шууту. Бар, бара койгула. Тиги кырда сонун-сонун гүлдөр көп экен. Терип келгиле. Мен баатырга барайын. Ал-абалын сурайын.

Тынар. Биз бат эле келебиз эне.

Шууту. *(Өзүнчө.)* Кокус айылга биз барганча барып, мага жолукканын айтышса, шекшип жүрбөсүн. Алдын алып коюу керек. *(Баштыгынан кичинекей токоч алып чыгат.)* Муну кардыңар ачса жеп алгыла.

Чынар. Рахмат. Кардыбыз ток.

Шууту. Албай койсоңор таарынам. Түп таянеңердин даамы.

Тынар. Болуптур эми. Рахмат. *(Нанды алып чуркап кетишет.)*

Шуту. Алдаса болот жаш башты... Болду эми. Нанды жешсе үч күн, үч түн мемиреп укташат. Ал аңгыча Тагай хандын миңдеген колу менен кыргыздарды бүк түшүрүп коём. Чоң сыйлык алам. *(Тайралаңдап бийлеп, ырдап, кубанычтуу чыгып кетет. Колдоруна гүл кармаган Тынар менен Чынар кирет. Жүздөрүндө кубаныч.)*

Тынар. Эх, сонун гүлдөр экен. Дагы бир аз тере түшсөк болмок.

Чынар. Карып абам көп үзбөгүлө дебеди беле... Унуттуңбу?

Тынар. Эсимде айтканы. Чынында ал киши эң сонун

киши ыя? Баары анын айтканын аткарышат. Дегени деген. Мен чоңойгондо ошондой болгум келет. Сенчи?

Чынар. Менби? Мен... *(Ойлуу.)* Колунан не бир сонун буюмдар жасалган чебер уз болсом дейм. Анан айлыбыздагы бардык үйдү ушундай кооз кылып жасалгалап чыксам дейм. *(Ушул учурда токой тараптан жоосунан качкан бир бугу жүгүрүп келип, балдардын алдына токтоп калат.)*

Бугу. Айланайын балдарым, мага жардам, жардам кыла көргүлө. Бир мергенчи артыман калбай койду. Он гүлүнүн бир гүлү ачыла элек эки улагым бар эле. Атып

Чынар. *(Колу менен көрсөтүп.)* Мобул бадалдын ары жагы жар экен. Ошондо жашырын. Кирип жатсаң, эч ким көрбөйт.

Бугу. Иттен кыйын жыт алгыч неме экен. Таап алат го...

Тынар. Жашына турсаң, биз мында бир айласын табарбыз.

Бугу. Мындан ары айдың түзөң экен. Качсам артыман ок кууп жеткидей. Силердин айтканыңарды эле кылайын.

Чынар. Жүр, мен көрсөтүп коёюн. *(Бугу экөө ээрчишип чыгып кетишет. Аңгыча жүгүрүп мылтыгын көтөргөн мергенчи кирет.)*

Мергенчи. Ай бала, качып өткөн бугуну көрө алдыңбы?

Тынар. Көрдүм. *(Тескери жакты көрсөтүп.)* Бул жакты көздөй кетти.

Мергенчи. Көрөгөч турбайсыңбы, азаматым. *(Ал көрсөткөн жакка бир аз жүгүрүп барып кайра келет да.)* Эй жашабагыр, эмне үчүн калп айтасың. *(Чынар менен Бугу кеткен жакты көрсөтүп.)* Бугунун дабышы бул жактан чыгып жатпайбы. *(Кулагын түрүп.)* Жанында дагы жандык бардай... Шырп-шырп?.. Эки гана ирмелет. Басыгына караганда адамдай...

Тынар. *(Таң калып.)* Аны сиз кантип билдиңиз?

Мергенчи. Кесибим ушул да. Кимде ким кесибин чындап сүйсө, ал — ишинин устаты болот. Кесипти сүйүү керек. Мен үч чакырым жерден жаныбарлардын дабышын угуп, кандай жаныбар экенин ажырата алам.

Тынар. Туура айттыңыз Бугуну курдашым Чынар ээрчитип кетти эле.

Мергенчи. Эмне үчүн менин олжомду ээрчитип кетет.

Тынар. Кайдан сиздин олжо. Олжо колго тийген нерсе деп үйрөткөн. Карып абам. Балким сиз учуп барат-

кан кушту, жумуртканын ичинде жаткан балапанды, туула элек кулунду да менин олжом деп жүрбөңүз.

Мергенчи. Болду, кайдагыны дөөдүрөбөй. Бугу — мына менин олжом.

Тынар. Жо-жок байкеси, бугу азыр сиздин эмес, биздин колдо. Сиздин тиешеңиз жок.

Мергенчи. Деги тыкылдаган кимдин баласысың?

Тынар. Күлчөнүн... Баатыр Күлчөнүн. Сиз ким болосуз?

Мергенчи. Мен бир шордуу мергенчи. Аты-жөнүмдү сурап не кыласың. Тиричилик, көр оокат деп токой кезип жүрбөймүнбү.

Тынар. Оокатыңар начарбы?

Мергенчи. Тыңдыгынан сейил куруп жүрөт дейсиңби?

Тынар. Мен азыр. *(Кыйкырат.)* Чынар, Чынар... Бугуну жетелеп кел бери.

Чынар. *(Башын чыгарып.)* Мергенчи турбайбы, бугуну атып салат.

Тынар. Атпайт, келе бергиле. *(Бугу менен Чынар келет. Бугу мергенчини жаман көргөнсүп, далысын салып, башын чулгуйт.)*

Чынар. *(Чочулаган түр менен.)* Эмне, эмне болду?

Тынар. Билеригиңди берчи. Мен сага андан да жакшысын жасатып берем.

Чынар. *(Колунан чыгарып.)* Ме, берген да өзүң, алган да өзүң.

Тынар. *(Алып Мергенге сунат.)* Мына муну алыңыз. Атам төө баштаган үч тогузга[1] жасаткан. Накта алтын. Бир топ эле оокат болот. Бирок мындан ары токойдогу жан-жаныбарларга көп эле кол сала бербесеңиз. Убалы кимге.

Мергенчи. *(Алып.)* Тартууңдан айланайын. Ылайым өркөнүңөр өссүн. Рахмат. Бактылуу болгула. Алып барып үйдөгүлөрдү бир сүйүнтөйүн. *(Кайта алып койбосун дегендей шашылып шарт чыгып кетет.)*

Чынар. Аябай сүйүнүп калды.

Тынар. Ал сүйүнгөн менен сен капа болуп калдың го дейм.

Чынар. Ырас, алгач ичим ачышты. Бирок мергенчинин жүзүндөгү сүйүнүч ал сезимимди бир заматта жууп кетти. Эмне үчүн адамдар дайым эле кубанычтуу жүрүшпөйт ыя?

---

[1]Тогуз — калыңга, байгеге же айыпка берилүүчү тогуз мал. *Мында:* акысына берилген мал.

Тынар. Сен жакшысың Чынар. Ак көңүл, жайдары мүнөзүң жагат.

Бугу. Экөөңөр тең жакшы экенсиңер. Рахмат. Силерге түбөлүк карыздармын. Аманчылык болсо кайрымжысы болор. Мен эми өз үйүрүмө барайын.

Тынар. Бара бер. Мергенчи мындан кийин силерге тийбейт. Биз ойногон жерге коркпой эле келип жүр.

Бугу. Болуптур айланайындар, болуптур. Сагынганда келип турам. *(Бугу оюн салып, шаңдуу чыгып кетет.)*

Тынар. Чынар, жүрү эми, биз да үйгө баралы. Карып абам күтүп калгандыр.

Чынар. Кардым ачты. Жанагы нандан бир аз жебейлиби?

Тынар. Баарын эле жейли. *(Олтуруп нанды жей башташат. Ошол убакта бир булбул жакынырак жерге кулап түшөт. Тынар аны колуна алып, абайлап карайт.)* Жоон санында жебенин учу жүрөт. Учкай тийген экен. *(Сууруп алат.)* Жараты жеңил, тез эле айыгып кетет. *(Ал булбулдун астына чөп төшөйт. Аздан кийин булбул кыймылга кирип, араң учуп, бутакка конот. Анан ар кандай үнгө салып сайрайт. Сайрап бүтүп, кишиче сүйлөй баштайт.)*

Булбул. Садагалар, рахмат. Шашылгыла,
Сүйлөшүүгө мезгил тар. Жашынгыла.
Капыстан жоо келатат ажал чачып,
Калың элге кабар берип, качыргыла.

Тынар. Бул булбул эмне дейт ыя? Бизге айтып жаткандай түрү бар го.

Чынар. Уйкум келип аябай карайлап турам, бир аз коё турчу.

Булбул. Акылы бар жакшы балдар экен деп,
Атайылап учуп келдим силерге,
Мени аткандар бүт токойго от коюп,
Каптап келет, жакын калды бу жерге. *(Булбул учуп кетет.)*

Тынар. Жоо келатат дейт булбул. Жүрчү Чынар, элге кабар кылалы.

Чынар. Кайдагы жоо. Анын жоосу кыргый, ителги да. Ошолорду көргөн го. Менин уктагым эле келип жатат. Бир аз жөн койчу.

Тынар. Күнгө уктайсыңбы? Жүрү көлөкөгө. *(Чынар катуу уктап кетет. Аны сүйөй көтөрүп четке чыгып баратып.)* Капырай, менин да уйкум келе баштады. Көлөкөгө барып, бир аз тук этип алалычы. *(Сахнадан чыгып кетишет. Тагай, Нагай, Шууту кирет.)*

Тагай. *(Шуутуга.)* Эгер калп айткан болсоң, албарсты,

тирүүлөй жонуңан кайыш тилем. *(Дүрбү салат.)* Чын эле эл бейкам жаткан окшойт. Тээтигинде гана бир үйдүн эшигинин алдында үч-төрт атчан турат.

Шууту. Мен сизге кантип кастык кылайын. Бардыгы жайында. Мындай учур дагы эки жүз жашасаң да айланып келбейт.

Нагай. Туура айтат, ханым. Менин тыңчыларым да бул кишинин айтканын ырастап келишти. Ат койчу мезгил ушул, ханым.

Тагай. Андай болсо колго[1] буйрук кыл. Жарымы түндүк жактан качырсын. Жарымын болсо өзүң баштап, түштүк жагынан качыргыла. Кемпир экөөбүз мындай агылгалап бара беребиз. Эки кол бириккенде биз да араңарда болобуз. Эскертип коёюн, эч кандай аёо болбосун.

Нагай. Ханым, айтканыңыз аткарылат. *(Таазим этип чыгып кетет. Тагай басат. Шууту артынан ээрчийт. Экөө басып токойдон чыгышат.)*

Тагай. Шум кыргыздар шек алып калып буктурмага салып жүрбөсүн.

Шууту. Жок, андай болушу мүмкүн эмес.

Тагай. Мүмкүн эмес, мүмкүн эмес! Аларда тыңчы жок деп ким айтты. Өздөрү меймандос, жоош эл көрүнгөнү менен, кырк бир сайы бар бул кыргыздардын. Анын кайсы сайына салып жатканын сен кайдан билесиң.

Шууту. Эл башы эсинен танып жатканда калганы эмне кыла алар дейсиз.

Тагай. Боолголоп сүйлөй баштадың да оңбогур. Бая эл тынч, эч нерседен капарсыз деп кесе айтып жаттың эле го.

Шууту. Айтканым чындык... Бирок кармаш алдында киши ар нерседен чочулай берет экен. Буюрса жеңиш биздики. Тигине, түндүктөн калың кол каптап келатат. Убадаңызга турсаңыз болду, ханым. Түштүктөн да түмөн кол ылаачындай тийди.

Тагай. *(Дүрбүсүн алып карайт.)* Ырас эле эки кол биригерине аз калган окшойт. Биз да шашылалы. *(Алар басышат. Малдын ызы-чуусу, катын-баланын ыйлаган дабышы чыгат. Сахна күүгүмдөнүп, кайра жарык болот. Бул күндүн өткөнү. Үйлөр өрттөнгөн.) (Бул жерде сүрөт пайдаланылат.) (Тагай эрдемсип, ары-бери басат. Нагай менен Шууту жанында.)* Бирин калтырбай кыруу керек. Кыргыздын атын таптакыр өчүрөм. Жок кылынсын!

Нагай. Эрк сиздики, ханым. *(Кыйкырат.)* Эй жигиттер,

[1]Кол — аскер, кошуун.

ким калды. *(Арыдан «Эч ким калган жок» деген үн жаңырат.)*

Т а г а й. Эч ким калган жокпу?

Н а г а й. Жок, ханым. Калжактаган кемпир-чал, карындагы балага чейин жок кылынды.

*(Мына ушул учурда колдоруна гүл кармаган Тынар менен Чынар кирип келип, эмне кыларын билбей туруп калышат.)*

Т а г а й. Эч ким калган жок деп коёт. Булар эмне, асмандан түштүбү?

Ш у у т у. Баса, ханым, баягы сизге айткан балдар ушулар.

Т а г а й. Аа де... Ырас келишпедиби. Унут болсо жаман болмок экен. Уйкуңар ачылдыбы? *(Тынар менен Чынар корккондорунан титиреп, эч нерсе айта алышпайт.)*

Ш у у т у. Ачылган чыгар. Эми өзүм бул турмуштун азабынан кутултуп, түбөлүктүү уйкуга батырып, жыргатып коём.

Т а г а й. Ошент. Кийин биздин тукумга өчөшпөгөндөй кыл. Бейиштин төрүндө жыргап ойной берсин. *(Нагайга)* сен болсо жигиттерге айтып ой-талааны, токой ичин дагы бир сыйра тинтип чыккыла. Мындан ары кыргыз деген сөз кулагыма угулбагандай болсун.

Н а г а й. Ханым, сөзүңүз эки болбойт.

Т а г а й. Силерди алтын ордомдон күтөм. Ошол жерде шаан-шөкөт болуп, сый-урмат көрсөтүлүп, мал-мүлк бөлүштүрүлөт. Кеттик. *(Нагай экөө чыгып кетишет.)*

Ш у у т у. Жүргүлө эми, балдарым. Биз да сапар тарталы.

Т ы н а р. Кайда барабыз таяне? Карып абам, атамдар кайда кетишкен?

Ш у у т у. Таяне?! Эмне болгон, таяне?! Атандар Эне-Сай дарыясы менен сүзүп кетишкен. Силерди да сууга салып коёюн, артынан сүзүп барасыңар.

Ч ы н а р. Сиз түп таянең болом дебедиңиз беле? Биз сүзгөндү билбейбиз.

Ш у у т у. Айтсам ошолмун. Жүрү эми... Билбесеңер үйрөнөсүңөр. Суунун агымы өзү эле үйрөтүп коёт. Алдыңардан ата-энеңер тосуп алат. Жүргүлө, айланайындар. Мен силерди... *(Токойду көздөй басышат. Кайдандыр Бугу пайда болот да, аларга жакын келет.)*

Б у г у. Баягы улуу ачарчылыкта сиңдиң экөөңөрдү ак сүтүм менен багып, алтын күзгө жеткирдим эле, Шууту. Эсиңдеби?

Ш у у т у. Эсимде, бугум.

Б у г у. Кылган жакшылык сатылбайт, баасы болбойт

дечү эле. Бирок мен башка айлам жок, сурап жатам. Ушул эки баланы мага бер.

Шууту. Жок, жок, болбойт. Болбойт бугум. Башка эмне сурасаң берейин...

Бугу. *(Кектүү.)* Ошондойбу?

Шууту. Ошондой.

Бугу. Мына сага ошондой болсо. *(Качырып сүзүп калат. Кемпир кулат түшөт. Балдарга.)* Эми мага мингиле балдарым. Тез. *(Тынар менен Чынар минишет. Бугу чуркап сахнаны эки-үч жолу айланат да, кетет.)*

Шууту. *(Ордунан туруп.)* Айланайын бугу, алыс жакка кете гөр. Балдарды сага бердим. Мени өлтүрүшөт тирүү калганын билишсе... Айланайын бугу! *(Кыйкырып кала берет.)*

*(Баягы токойдун чети. Бугу Чынар, Тынар экөө менен сүйлөшүп турат.)*

Бугу. Мен силерден жашырууга акым жок. Канкор душман, жоо бүт элди кырды. Экөөңөр гана калдыңар. Силерди сактап калуум керек.

Тынар. Эми биздин айлабыз эмне болот. Талаада калабызбы?

Чынар. *(Ыйлап.)* Кантип күн көрөбүз. Кардыбыз да ачты.

Бугу. Чочулабагыла балдарым. Мен силерди кор кылбайм. Кардыңар ачса эмчегимди ээмп алгыла. Кана, балдарым, уялбагыла. *(Эки бала эмет.)*

Чынар. Сүтүңүз абдан таттуу экен.

Бугу. Ооба, таттуу. Эненин сүтү таттуу болот. Эми мен силерге эне болуп калдым. Мындан кийин мени Бугу эне деп жүргүлө. Макулбу?

Тынар, Чынар. *(Чогуу.)* Макул, Бугу эне.

Бугу. Балдарым, жүргүлө эми. Душмандын көзүнө илинбейли.

Тынар. Кайда барабыз?

Бугу. Айланасы алкак тоо, кышы-жайы тоңбогон, толкуну бермет болуп төгүлгөн, суйкайып супа таң атса, ар жактан ажайып ак калпак Ала-Тоосу көрүнгөн, көрбөгөндү көксөткөн, абасы атыр жел келген, ден-соолукка дем берген, алыскы-алыскы Ысык-Көл деген жерге барабыз.

Чынар. Ал жерде душман жокпу? Өтө алыспы? Канча жол жүрөбүз?

Бугу. Душман жок, ээн-эркин. Ал жер силердики. Силер мекендейсиңер. Жол алыс. Бир нече жыл жол жүрүүгө туура келет. Барганча силер да бой жетип каласыңар. Анан үйлөнтүп коём. Бала-чакалуу болосуңар. Кыргыз тукуму улана берет. Жүргүлө балдарым, чар-

часаңар эс алабыз, серүүндөйбүз. Ошентип көлгө да шашпай жетип барабыз.

Көшөгө

## ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

Айланасын чалкар тоолор курчаган Ысык-Көл. Жээгинде кичинекей жампа там. Тамдан бери түзөңдө узунунан кеткен арыктар. Тынар ушул арыктарга көчөт тигип жүрөт. Сырттан мүйүзүнө эки-үч боо көчөт көтөрүп Бугу эне кирет.

Тынар. Бугу эне! Жакшы жүрөсүзбү? Оо, бул көчөттөрдү неге убара болуп алып келдиңиз. Өзүм барып алат элем го. *(Көчөттөрдү түшүрөт.)*

Бугу. Эч нерсе эмес. Зыяны жок. Бул көчөттөр алыстан алынып келинген. Алма, өрүк, шабдаалы... Адамдар муну бейиштин тамагы дешет го.

Тынар. Жакшы, жакшы. Оо баягында атам байкуш катуу ооруп жатканда, түрүн жүзгө жеткирип бак өстүргөн багбандын колунан бир тамчы суу жутса айыгат деген жарчынын сөзү эсимде калыптыр. Ошондуктан көчөт болсо эле олтургузуп жатам. Бирок жүзгө жете турган эмес.

Бугу. Жетет уулум. Беш, он жылда, болбосо жыйырма жылда. Дүнүйө кең го. Көчөттөрдүн көп түрлөрү табылар. Эң негизгиси ишти колго алганың. Жакшы башталма жарым жеңиш дейт, уулум.

Тынар. Рахмат эне. Үйгө кирип кененирээк сүйлөшөлү. Даам татыңыз...

Бугу. Ушул жерден эле сүйлөшөлү. Ал эми менин даамым болсо тоо бетинде, токой арасында. Андан көрө Чынарды мында чакыр.

Тынар. *(Кыйкырат.)* Чынар, Чына-ар. Бери кел. Бугу эне келди.

Чынар. Эмне?! Чынбы?! *(Арыдан жүгүрүп келип бугунун мойну-башынан сылагылап, кучактайт.)* Садагам эне, жакшы жүрөсүзбү?

Бугу. Айланып кетейин, мен ыраазымын.

Чынар. Рахмат эне. Сизди аябай сагындым. Көп болду, келбей кеттиңиз.

Бугу. Шарт ошондой болуп калды, кызым. Мен кайрадан Эне-Сайдын жээгине барып, үйүрдөгү калган-каткан туугандарымды алып келдим. Баягы канкор душман байкап калып артыман түшүп алса керек.

Тынар. Алардын душмандыгы тыйылбайт окшойт?

Бугу. Сак болгун. Эл кулагы элүү эмеспи. Биздин мында келгенибиз хан Тагайга угулса керек. Астыртан иликтеп жүргөн имиш.

Тынар. Кайдан билди экен?

Бугу. Кебетеси, Шуутунун оозунан чыгып кеткен окшойт.

Чынар. Ал шум али тирүү бекен?

Бугу. Азезилдер арбын жашайт. Антпесе ал чайпалар беле? Жакшыларды жазгырып, түз жолунан адаштырган ошолор эмеспи? *(Ушул учурда бир булбул жаңы тигилген көчөттүн бутагына коно калат.)*

Булбул. *(Ал баягы булбулдай алгач сайрап-сайрап, анан кишиче сүйлөйт.)*

Сак болгула адамдар,
Акмалап арттан жоо келет.
Өзгөрткүлө конушту,
Өмүргө бөөдө доо кетет.

Тынар. *(Булбулга жакындап.)* Эмне дейт. Эсиңдеби, Чынар, баягыдай чоң апаат болордун алдында да бир булбул бизге келди эле. Ошол го дейм?

Булбул. Андай эмес, мен ошонун балапанымын.
Тагай шумдун жини келип, тапкыла деп силерди,
Чар тарапка издөө салып, чабарманын жиберди.
Аркы кырда эки-үч жоокер, аңдап келет бу жерди.

*(Булбул андан ары дагы бир нерселерди айтам дегенде негедир тили байланат. Курк-курк этип учуп кетет.)*

Бугу. Азырынча из жашыралы, балдарым.

Чынар. Жүргүлө. Жоо жакын деп жатпайбы?

Тынар. Көрдүңөрбү, чуңкурлар даяр. Заматта көмө салам да, жете барам.

Бугу. Болуптур уулум, бирок тездете көр. *(Чынарга.)* Кана, үстүмө мин! Кездешчү жерди өзүң билесиң, уулум. Сак бол. *(Алар жөнөп кетишет.)*

Тынар. Билем, билем. *(Өзүнчө.)* Кой, тез бүтө салып мен да жөнөйүн. *(Ал көчөттөрдү тигип сахнадан четке чыгып кетет. Экинчи тараптан Шууту менен Нагай аңдып киришет.)*

Шууту. Ырас маалда келиптирбиз. Колунда куралы жок экен.

Нагай. Ошолбу. Жакшылап тааны. Башка элдин тукумуна тийип...

Шууту. Коркуп жатасызбы?

Нагай. Коркпогондо. Азбыз. Болгону төртөөбүз. Көп колдун кереги эмне. Экөөнү өзүм эле жайлайм дебедиби жанагы хан ит, кол алалы десем.

Шууту. Ырас кылат. Көпчүлүктү дүрбөтүп кереги эмне. Тиги мергенчини чакыр да, ары карап турганда экөөлөп будалап байлап салгыла. *(Нагай кол жаңсап чакырат. Мергенчи келип Нагайга кайрылат.)* Эмне?

Нагай. *(Тынарды көрсөтүп.)* Тигине. Жакындап ары жагынан чык. Сага алагды болгондо, мен бериден баса калайын.

Мергенчи. *(Кыйыктанып.)* Мага тапшырылган иш башка. Бугуну кармоо... Кеттим!

Тынар. Акыркы көчөт. Тамыры да жакшы экен. Буюрса тез чоңоёт. *(Тигип болуп кетүүгө камынат. Капысынан Нагай менен Шуутуга жолугат.)*

Нагай. Колго түштүңбү акыры. Жакшы эле темселеттиң. Жетишет эми!

Шууту. Мына, издегениң алдыңа өзү келип берди.

Тынар. Силер кимсиңер, түрүңөр суук!

Нагай. *(Кытмырланып.)* А, бизби? Биз бир жүргөн жолоочубуз. *(Ал Тынарды качырып кирет. Бир колунда кылыч, бир колунда аркан. Арканды Тынарга ыргытат. Тынар бычагын сууруп, бир шилтеп чаап арканды кесет. Экөө аңдышып калат. Ошол учурда Нагайдын төшүнө жаанын огу кадалат.)*

Шууту. Айланайын Тынар, сенсиңби! Эр жетип, кырчындай жигит болгон турбайсыңбы. Тукумуң өссүн. Мен эсиңде болсом керек. Түп таянең эмесминби. *(Ошол учурда мергенчи кирип келет.)*

Мергенчи. Оо, Жезкемпир, эмне жойпуланып атасың. Эми таяне боло калдыңбы. Тагайды баштап келген сен эмессиңби, мастан!

Тынар. Салам алейкум, сиз кайдан?

Мергенчи. Мен да ушул жырткычтар менен келгем. Максатыбыз сени жайлоо болучу. Бирок мен жакшылыкка жамандык кылбайм. Буларды жек көрөм. *(Шуутуну көрсөтүп.)* Бу бузукуну да жек көрөм. Мууздайынбы муну?

Тынар. Токто мергенчи! Бу Жезкемпирдин айласы жеңил. Дагы кимдер бар?

Мергенчи. Тиякта Тагай хан бар. Тынарды аялы экөөнү кошоктоп байлап келип, качан алдыма ыргытат деп күтүп жатат!

Шууту. Айланайын уулум, сени да мендей аял тууган. Мени бул жакка зордоп алып келишкен эле, кечирип кой. Жардамым тиет.

Мергенчи. Анда жөнө. Өнөрүңдү эми Тагай хандын өзүнө көрсөт!

Тынар. *(Нагайдын кылычын алат да, Шуутуга кайрылат.)* Алып бар анда бизди ошол жакка!

Шууту. *(Сүйүнүп.)* Алып барам. Азыр эле. Мен мурдараак жетип, алаксытып башын айландырып турайын. Ошол учурда силер кол салгыла. Жардамым ушу болсун. *(Шууту кудуңдап жөнөйт, артынан Тынар, Мергенчи кетишет. Сахна күүмгүмдөнүп, кайра жарык болот. Тагай менен Шууту сүйлөшүп турушат. Арыдан Тынар кыйкырып, качырып кирип келет.)*

Тынар. Эй, Тагай, кайнаса каным кошулбаган душманым, бери кара!

Тагай. Аа, Күлчөнүн тукуму, өзүң келип бердиңби? *(Кылычын сууруп чыгат.)*

Тынар. Ажал издеп келген экенсиң да. Тилегиң кабыл болсун, ме! *(Кылыч менен Тагайды адегенде колго чаап, кылычын түшүрөт. Тагайдын шаштысы кетет. Андан кийип моюнга чабат, Тагай сулк жыгылат. Шууту айласы түгөнгөндөй башын шылкыйтып, отуруп калат.)*

*(Пауза)*

Тынар. Эх, адамдар, бекеринен кан төгүлдү. Быякка муну ким чакырыптыр? Жер кенен го. Бул мени өлтүрмөк, тукумумду курутмак...

Мергенчи. Ал өз энчисин алды, уулум. Сен күнөөлүү эмессиң!

**Көшөгө.**

*Рыскул Чолпонбаев*

# ТООДОГУ ШААР

**(Эки көшөгөлүү, алты сүрөттүү пьеса)**

Катышуучулар:

**Карачал** — абышка
**Калбү** — кемпири
**Табылды** — абышка-кемпирдин бакма уулу
**Жусуп** — окуучу, Табылдынын теңтушу
**Үмөт** — окуучу, шаардык бала
**Асел** — Табылдынын өз энеси
**Абит** — Милиционер
**Жапек** — Табылдынын өз атасы

Окуя биздин күндөрдө, айылда өтөт.

## БИРИНЧИ КОШОГО

## БИРИНЧИ СҮРӨТ

Түн. Шамал бороп, күндүн күркүрөгөнү угулат. Теребелде шоокумдуу жымжырттык. Чагылган чартылдаганда, каранғылык шимирген жартаң дарак менен дүпүйгөн боз үйдүн караны көрүнө түшүп, кайрадан көөдөй түнгө чөмүлөт. Сыртта шатырап күн жаап жатат.

Чагылгандын жарыгында колуна бирдеме көтөрүп, чүмбөттөнгөн адамдын жыландай сойлогон сөлөкөтү тартылат. Ал токтоп, кайра жүгүрүп, дагы токтоп, дагы жүгүрөт. Ал — Асел. Ал үч-төрт жолу көрүнөт.

Үйдүн ичинде Карачал менен Калбү уктап жатат.

Калбү *(кеме келтирип).* Капырай ботом, бу жарыктык күн аябай жаалданды го. Ак жаанга айланып, сел жүрбөгөй эле. Кудай кырсыгынан сактай көр!

Карачал *(капталынан оодарыла, түнгө кулагын төшөп, баш көтөрө).* Кемпир, сен эшиттиңби?

Калбү. Эмнени?

Карачал. Ыйлап жатат...

Калбү. *(Чочуп.)* Койчу ботом, жок жорукту баштабай... Ким ыйлап жатат? Аа-кокуй, сен тиги шамалды айтып жатасыңбы, алай-дүлөй түшкөн. Таңга дейре басылып калар, абышка.

Карачал. *(Көйнөк, дамбалчан чөк түшүп.)* Тыңшасаң...

Калбү. *(Тыңшап.)* Шамал эле...

Карачал. Жок, шамал эмес. Бала ыйлап жатат. Уксаң, баланын үнү!

Калбү. Ботом, жокту баштабачы? Эмне? Кайдагы бала? Бороон боздоп жатса, бала дейт... Соосуңбу сен?

*(Баланын ыйы улам катуулайт.)*

Калбү. *(Бөөр толгой тыңшап.)* Ботом, чын эле бала ыйлап жатабы? *(Ишенинкиребей).* Же чалым каңырып укту бекен? Ай, гаң!

Карачал. *(Арыда жарык берилгенде көрүнө калган калканычка үстөмөндөп.)* Кемпир, ие кемпир? Кемпир, карачы? *(Ороодогу баланы койнуна катып.)* Үйгө кут келди! Бакты, Кыдыралекисалам келди?

Калбү. *(Талашып.)* Кантет, какчаңдап. Келе бери, тумчуктурасың!

Карачал *(колундагы ороону кемпирине берип).* Бооруңа кат. Оросу суулана түшүптүр. Дагы жакшы, дарактын далдасында экен. *(Шашып.)* Жүрү бачым! Үшүп кетпесин...

Калбү. *(Калдастап.)* Май сугунтуп ийбесек... Кайсыл гана бооруңду таш жалагырдын колунан келди экен, өлүгүңдү көрөйүн!

Карачал. Же, бок жебей! Ал бооруу таш эмес. Тилекти кабыл эткен Кыдыралекисаламдын өзү.

Калбү. Койдум абышка, койдум *(Үйдөн балага чыгдандагы майдан сугунтуп).* Май көтөн, сүт көтөн бол. Өрүшүң кеңири, өмүрүң узун болсун! *(Дене башына май сүйкөп, ачып көрүп, ороосун алмаштырып.)* Эркек экен!

Карачал. Оозуңа май, кемпирим! *(Үнү каргылданып.)* Оо, калайык, Карачал уулдуу болду! Тойго келгиле! Сүйүнчүсүнө тай тартуу, тай! Кайыптан төрөлгөн балага, кара башым садага!

Калбү. Ботом, эмне эле дарылдайсың, Көйнөгүңдү чеччи, ырымдап коёюн. Ата жытын биринчи жыттасын!

Карачал. Ии, жыттасын, жыттасын... *(Карачал чечине баштайт. Бала күчөп ыйлайт. Баланын ыйын тыштагы бороондуу шамалдын ызы-чуусу басып кетет. Алыстан элдир-селдир күн күркүрөп, шайкелең караңгылыкка төнгөн жамгыр чагылган жарк эткенде жанагысындай эле ак жуумал кыпындарын чачып улам себелөөдө.)*

## ЭКИНЧИ СҮРӨТ

Жусуп *(мурдун шуу тартып).* Чоң ата, ээр чаап жатасыңбы?

Карачал *(башын жерден албай).* Ооба, балам, эриккенде ээр чабам.

Табылды. Ой, атама ээр да кеп бекен? Комуз да чабат. Чабасың ээ?

Карачал. Чабам, кара жаным.

Жусуп *(ээрге минип олтурган Табылдыга суктанып).* Иттей сонун ээр экен ээ?

Үмөт. Күнтуунун шумкарындай төшү тайпагай тура.

Табылды *(ээрди теминип).* Чу, атым. Ата, Касымдын жорго эшегине ээр токуса эмне болот.

Жусуп. Опе-ей, эшекке да ээр токуйбу? Ыңырчак токуйт да.

Карачал. Ээр токуган менен эшек ат болуп бербейт.

Үмөт. Ыңырчак да жасайыз ээ, чоң ата?

Карачал. Ооба, жасайм.

Жусуп. Чоң ата! Чаарчык кармап берем дебедиң беле?

Карачал. Кармап берем.

Табылды. Кармап берем... Кармап берем... Качан кармап бересиң эми?

Карачал. Ээр чаап бүтөйүн, анан.

Жусуп. Жомок да айтып берем дедиң эле го, чоң ата?

Карачал. Жомок да билем.

Табылды. Билем. Билем... Жорусуңбу сен?

Карачал. Жору эмесмин. Манасты билем.

Үмөт. Манастыбы?

Жусуп. Манас баатырдыбы?

Карачал. Эмне экен, жомокту да, Манасты да айтам.

Табылды *(таарынычын унута мактанып)*. Манас, ии анан анын балдары Семетей менен Сейтекти да айтат атам!

Үмөт. А эмне үчүн чоң аталар бүт Манас айтышат да, биз, менин атам айта албайт.

Жусуп. Билбесе кантип айтат.

Үмөт *(ызалуу)*. Сен билесиңби?

Жусуп. Мен да билбейм.

Карачал. Же, айтышпагыла... Көзүм сокур, көкүрөгүм таза болгон. Укканымды мээге сактап айтчумун. Китебиңерде баары жазылуу. Кел бери, май замандын балдары, мага жакын олтургула.

*(Балдар Карачалга жакын жылат.)*

Жусуп. Чоң ата, сизди жүзгө чыкты дейт го?

Карачал. Көп жашаба, көптү бил деген. Жүз десе жүздөмүн. Жашка жарды эмесмин. Акылга жардымын. Келгиле мындай, ээр чапканды үйрөтөйүн силерге...

Үмөт. Чоң ата, сен биздейиңде эмне окубай калдың эле? Жалкоо белең?

Карачал *(терең күрсүнүп)*. Окуу болгон эмес анда.

Үмөт. Ээ-эй кызык, окуусу жок да болобу!

Жусуп. Кантип болсун.

Табылды. Окубасаң жыргал ээ? Агай-эжей тилдебейт. Эртеден кечке торпок жарыштырмай...

Карачал. О торпогуң менен томураң кал. Окууга жетеби. Окуудан айланайын, көзүң ачылат, канатың жетилет.

Жусуп. Табылдынын күчүгү көзүн ачкандайбы?

Үмөт. Ээ-эй кызык... Күчүк да окучу беле!

Табылды. Окуйт эле *(эликтеп)*. Шаайдыкмын деп коёт дагы. Цирктин күчүктөрү окуганын көрө элексиңби?

Үмөт *(уялып)*. Көргөм.

Табылды. Анда эмне окуйбу деп... Ата, ата деймой?

Карачал. Ие!

Табылды. Жакшы окусак Күнтуунун шумкары канаты жетилгендей учабызбы?

Карачал. Ооба, учасың тентегим.

Табылды *(берки экөөнө мадыраяя).* Уктуңарбы, атам мени учасың деди.

Карачал. Өнөр болсо адамга канат бүтөт. Дудук сүйлөп, сокур көрөт. Табы келген шумкар бүркүтүңөн кемби? *(Устара менен кырылган башын сылап.)* Бу куу баш эмнелерди гана көрбөдү. Тайган агытып, куш салып да көрдү. Бешик кубалап сууга да акты. Аюу менен кармашып омуртка этке да так түштү. Ушунун баары көз ирмемдей болбой артта калды. Өттү, кетти. Эми минтип ээр чаап олтурам. Бу да өнөр, үйрөнүп калгыла...

Табылды. Аний, ээрдин эмнеси жакшы.

Карачал. Анда каалаганың эмне?

Табылды *(эркелеп).* Манас же Кошойдун коргону... *(берки экөөнө).* Булар уга элек.

Үмөт *(жөлөнүү комузду карап).* Комуз менен ээ?

Карачал. О, атаң десе, Манасты комуз менен айтат бекен.

Жусуп. *(Олтура калып көрсөтөт).* Мына минтип айтат. *(Колдорун жайып, эриндерин чулчуйтуп Манасчыларды туурайт.)*

Карачал *(чаап жаткан ээрди ары жылдырып).* Оо, окшошкон мурдуңа ачайындар. Ээр чапканды эч кими үйрөнгүсү жок. Бара-бара ат мингенди да унутасыңар го силер. Тай үйрөткөндү да, үй тиккенди да, ал турмак жылкы, кой сойгонду да билбей каларсыңар *(комузун колуна алып, күүгө салып).* Биздин аталар Манасты минтип айтчу *(шартылдата чертип келип, комузду жанына коёт. Анан шадылуу манжаларын кыймылга келтире, малдаш ура үнүн Манасчылардыкындай чыгарат.)*

Ээ-ээ-эй.
Атаңардын жомогу...
Айтпай койсом болобу?
Энеңердин жомогу...
Эстебесем болобу?
Жармы жалган, жармы чын...
Жарандардын көөнү үчүн!
Көбү жалган, көбү чын...
Көпчүлүктүн көөнү үчүн!

*(Балдар улам жакындап, кызыгуу менен угат. Табылды ээрди теминип, Жусупту капталга укуйт.)*

Табылды. Кандай айтат экен?

Жусуп. Во, мировой!

Үмөт *(аябай кызыгып, сөөмөйүн эрдине тосот).* Тсс *(Карачал колун жайып, улам кызый берет).*

Жусуп. Карагылачы, колунун манжалары эликтин шыйрагындай узун экен.

Табылды. Элик эмес эле атамын колу!

Үмөт. Акырын дейм, ой!

*(Карачал Манастын кызуу жерине келгенде сахнанын бир четинде анын колдорунун зор көлөкөсү пайда болот. Бара-бара айтылып жаткан Манасты алыстан улам жакындап келаткан вертолёттун добушу басып кетет. Карачал Манасты улантып. анан саамга дымый түшөт.)*

Табылды. Ура! Вертолёт, ура!

Жусуп. Вертолёт келатат! Вертолёт келатат!

Үмөт *(тебетейин ыргытып).* Кеттик. Ура!

*(Балдар баарын унутуп. орундарынан учуп туруп. үн угулган тарапка жүгүрүшөт. Сахнанын төрүндө шатысын түшүрүп жаткан вертолёттун сөлөкөтү. Анан улам алыстап бараткан балдардын ыры угулат.)*

Балдар. Вертолёт, вертолёт...
Куйругуңа сала кет.
Бизден салам ала кет!

Карачал *(жалгыз ордунан туруп).* О чунактар десе! Табылды! Жусуп! Үмөт! Токтогула! Манасты бүтпөй калбадымбы. Кап, аягын укпай калышты ээ, чунактар!

*(Балдардын үнү көпкө чейин басылбайт. Карачал керкисин кармалап, кайра ээр чапканга көңүлү келбейт.)* Бу темир ийнелиги келгенден бери кашыма бала токтобос болду капырай. Чунактар: «Чоң ата.жомок айт, чоң ата комуз черт» — деп эле ташбараң алышчу эле. «Тең теңи менен, тезек кабы менен» дегендей, карасаң булар ды. Ээ, мейличи. Ие Калбү, Калбү?

Калбү *(боз үйдүн ичинен).* Ой, эмне?

Карачал. Чык бери. Ээр чабам деп көйнөкчөн олтурбадым беле. Дагы келди. Келе, киймимди, дардайтпай...

Калбү. Ким келди?

Карачал. Ким болсун! Алиги атың өчкүр эмне эле? Бекболот беле? Ийнеликчи...

Калбү. Вотом, Табылды кайда кеткен? *(Колун чекесине алып теребелди айлана карап.)* Жакын арада көрүнбөйт го!

Карачал. Ойноп, салып-уруп кетти көрүнөт.

Калбү *(жерге көлдөлөң төшөп).* Ал тентек тамак да иче элек эмес беле. Аман эле болсун садага болоюн. *(Карачалга.)* Байлык эле — ден соолугу ошонумдун. Башка байлыктын бизге кереги эмне? Эчкинин жашындай жашыбыз калды экөөбүздүн. Эмки жашымды бердим Табылдыма.

Карачал. Табылдымдан айланайын. Жамандыгын көрсөтпөй астына алар күн кана *(жамбаштап).* «Карысаң мендей бол, кара жердей бол» деген ушул тура *(күрсү-*

*нуп).* Кичине ээр чапканга бел омурткам уюй түшкөнүн кара.

Калбү *(курчу кеткен көздөрү менен алыска телмирип).* Ботом *(бетин аарчып)* күн деле жаабаптыр, тигил күү-шаа түшүп күрүлдөгөн эмнеси?

Карачал. Кудай сени көздөн гана эмес, кулактан да алса керек. Айтпадымбы Бекболот деп.

Калбү. Бекболот? Кайсыл Бекболот? Ботом, Ыбрайдын Бекболотубу?

Карачал. Көп дөөрүбөчү, кемпир. Ал бир жылдан бери учуп келип жатат. Жер көрүп, токой кыдырып жүрөт...

Калбү. Абышка, сен былтыртан бери айнып калдың *(чалынын жанына олтуруп).* Темир куш, темир куту эле дейсиң, ал эмне адашып жүрөт ыя?

Карачал. Аны кайдан билейин... Жонуна кондурган Кошойдун тоосу эле билбесе!

Калбү *(жакасын кармап дале ишенбей).* Ботом, тигил биздин Кошойдун тоосубу?

Карачал. Ооба, Кошойдун тоосуна да, оюна да конуп жүрөт.

Калбү. Анда ал сенин баягыл алгыр бүркүтүңдөн да чыгаан тура!

Карачал. Көп дөөрүбөй кымыз берчи ой?

Калбү. Эсиңе жара чыккыр. Сенин калпыңа эрип, кымызды унутуп койгонумду кара! *(Үйгө кирип кетет.)*

Карачал *(өзүнчө).* Армансыз жашадым, анысы чын. Ага миң ирет тобо. Бир кезде гүлдүү дарактай дүр эте чогуу жүргөн курбуларымын эң акыркысына топурак салганда да түттүм го. Түтөт экенсиң башка салса. Деле ушул кемпирдики өттү. Көзүм менен көргөндү айтсам, калп дейт да турат.

Калбү. *(Мискейди чалдын жанына коюп, чыныга кымыз куюп сунуп.)* Ме, эмикисин өзүң куюп ич. Жүн да тытыла элек, шырдакка деген. Мал келер учуру да болуп калды. Кезүүдөгүлөр урушуп жүрбөсүн. Чунак бала кайда кетип калды? Тишинин кирин соруп эле жүрө берген кайсыл жакшылык болсун *(кетет).*

Карачал *(чөнтөгүнөн маки алып чыгып жыгач жоно баштайт. Артынан жүдөө кийинген, сакал-муруту өскөн Жапек келет).*

Жапек *(саламдашпай эле).* Аксакал, эмелеки балдар каякка жүгүрүп кетишти?

Карачал. *(Камырабай.)* Кайсыл балдар?

Жапек *(колу менен жаңсап).* Тигил тарапка жүгүрүп баратышпады беле?!

Карачал. Аа, жанагы үчөөбү?

Жапек. Эсебин билбейм, үндөрүн эле уктум.

Карачал *(бирдемеден шектенип).* Сага балдардын кереги эмне? Же жанагы шаардык баланын бирдемелери болуп жүрбө?

Жапек *(сырдуу).* Мүмкүн...

Карачал *(ого бетер шектене).* Милисадансың го ээ? Алар эмне кылышты эле? Эмне жоготтуң, балдар балалык кылып...

Жапек. Эчтеме деле жоготконум жок. Эмнегедир балдардын бирөө...

Карачал *(ого бетер тынчсызданып).* Бирөө эмне экен?

Жапек. Үнү тааныш өңдөнүп кетти. Жүгүрүп жетпей калдым. Мен ал үндү... Мен ал үндү бир жерден уккам.

Карачал. Уккам дейби? Кайдан уктуң эле? Кимдин үнүн?

Жапек *(жылмаңдап).* Баланын үнүн. Же менин үнүм ага окшобой турабы? Энесинин аты Асел. Аны албай кеттим эле. Ошол төрөгөн бала экен. Менден.

Карачал *(көзү караңгылап).* Оо кудай! Эмне? Балам дейби?

Жапек. Ооба балам.

Калбү *(үйдөн).* Ботом, ким менен эле кобурашып атасың, чалым?

Карачал *(жооткотуп.)* Жок издеген бирөө... *(Жапекти ары жетелеп).* Кымыздан ич. Жол жүрүп чарчагандырсың. Тигиндей оолагыраак сүйлөшөлү. Кемпир укпасын.

Жапек *(кымыздан кере жутуп).* Мейли. Дарак күбө, ошонун жанына баралыбы?

Карачал *(нес болгон немедей даракты карай басып).* Чын, дарак күбө. Атың ким, уулум?

Жапек. Жапек?

Карачал. Жапек? Жакшы ат экен. Бизде Жапек деген жылкычы бар.

Жапек. Алаксыткың бар ээ, абышка? Мага жылкычы эмес, бала керек. Алар качан келет?

Карачал *(жактырбагандай).* Желгенине жел жетпеген чунактарды анан келет, мына келет деп болобу *(оор күрсүнүп).* Саргара жортсоң кызара бөртөсүң деген. Күтө тур. Келип калар.

Жапек. Шашып жаттым эле.

Карачал. Шашпа. Менин үч уулум аскерге кетип бир күндө кара кагаз келди. Эмгиче күтүп жүрөм. Мүмкүн келип калар. *(Өзүнчө.)* Эми Табылдымдан да айрылганы турам.

Жапек *(эки жагын элеңдеп кирип).* Табылдыбы? Ал мени тааныр бекен ыя? Айбай сүйүнөт го!

Карачал. Бала атасын сөзсүз тааныйт. Анан сүйүнбөй коймок беле, сүйүнөт.

Жапек *(өзүнө өзү ишенбей).* Ооба, онөнтет.

## ЭКИНЧИ КӨШӨГӨ

### Үчүнчү сүрөт

Биринчи көшөгөдөгү жасалга.

Карачал *(колун артына алып ойлуу).* Эмне деген шумдук! Кемпир укпаса экен.

Калбү *(боз үйдөн чыгып).* Ал ким экен? Көпкө кобураштыңар го деле.

Карачал. Жолоочу... Жогун тапканча ошо болду да.

Калбү. Таптыбы жогун?

Карачал. Тапты окшойт. Артына кылчайбай кетпедиби. Жүрү кемпир, үйгө кирели, Ичиркене түштүм.

Калбү. Ботом, ак жайдын саратанындабы?

Карачал. Ооба, жүрү үйгө. *(Экөө үйгө кирип кетишет.)*

### Төртүнчү сүрөт

Табылды көрүнөт. Ал жалгыз. Даракка жанына калат. Жапек көрүнөт.

Табылды. Эй токто, атама айтам?

Жапек *(адегенде чочуп, анан баланы көрүп).* Аа балакай... Эмнени айтасың?

Табылды. Тигил сен жансарга байлаган биздин тай.

Жапек. Туура. Мурда сеники болучу. Азыр меники.

Табылды. Калпычы, калпычы. Ал менин тайым.

Жапек. Сенин атың Табылдыбы?

Табылды. Айтпайм, сең алдамчысың?

Жапек. Кантип мен алдамчымын?

Табылды. Анда, эмне бирөөнүн тайын меники дейсиң?

Жапек. Табылды *(бери кел дегендей ишарат кылат).*

Табылды. Барбайм.

Жапек. Сен мени тааныйсыңбы, Табылды?

Табылды. Жок.

Жапек *(Жакындап келип).* Эми карачы, кимге окшоймун?

Табылды. Ууруга окшойсуң.

Жапек. Ай-яй, жаман бала турбайсыңбы. Улууларга акарат сүйлөгөн уят да.

Табылды. Анан эмне тайымды уурдап баратасың.

Жапек. Аны Карачал чоң атаң белекке берди.

Табылды. Ал менин чоң атам эмей эле атам. А тайды сага эмне үчүн берди.

Жапек. Себеби жанагыл мөгдөгөн чал сенин атаң эмес, мен болгон үчүн берди.

Табылды. Калпычы. Калп айтасың. Менин атам Карачал. Сен мага ата эмессиң. Атамын деп калп айтасың! *(Ыйлап.)* Аа-аа...

Жапек. Ыйлаба. Бери жакын келчи. Токтосоң... *(Экөө даракты тегерене кубалашып, бала качып кутулат.)*

Табылды *(ыйлаган боюнча).* Ата! Ой, ата?

Карачал *(боз үйдүн ичинен).* Табылдысыңбы, кир үйгө.

Табылды *(солуктап).* Эшикке чыкпайсыңбы!

Калбү. Табыным чакырып жатат, чыкпайсыңбы маалкатпай эле. Колум да камыр. Колуң сынгыр, ким тийди экен балага?

Карачал. Азыр чыгам. Шашпа кемпир, мына баратам. *(Эшикке чыгат.)*

Табылды. *(Дале бышактап.)* Ата, ата! Ууру жүрөт!

Карачал. Кана, каерде?

Табылды. Ал мени кубалап жете албай койду. Тээтигинде биздин тайды жетелеп баратат. *(Сөөмөйү менен Жапек кеткен тарапты көрсөтүп.)* Тигине, бир топ узап кетти. Ал мени атаң болом деп коркутту.

Карачал *(кайпалактап).* О наалат, ошенттиби? А сен ага эмне дедиң?

Табылды. Мен калп айтасың, атам Карачал дедим!

Карачал. Дагы эмне дедиң?

Табылды. Мен аны ууру дедим. Ал ууру эмесмин, тайды атаң өзү тартууга берген дейт. Чоң атаң берди деп коёт ой! Чоң атам эмей эле атамсың ээ?

Карачал. Ооба балам, атаңмын.

Табылды *(эркелеп).* Ата, артынан чаппайсыңбы эми! Алыстап кетелегинде. Тайымы алып кетет.

Карачал. Мейли, кете берсин, Жөн кой аны.

Табылды. Чын эле тайды өзүң бердиңби?

Карачал. Ооба, мен бердим.

Табылды. А эмнеге, тартуугабы?

Карачал. Жок. Карыз болчумун, садага. Сүйүнчүгө бир тай берем деп сен туулганда убада бергем.

Табылды. Ал эмне сүйүнчү эле?

Карачал. Сен мага бала, а мен сага ата болгон күнкү сүйүнчүмө!

Табылды. Ата! *(Табылды Карачалды кучактайт.)*

Карачал *(жашып).* Ал сени тай жетелегендей жетелеп кетсе эмне болот элем?

Табылды. Мен ага эч качан, эч качан жетелетпейм!

Карачал. Жетелетпе балам.

Табылды. Ал калпычы ээ?

Карачал. Ооба, калпычы. Беркил жолдошторуң кана?

Табылды. Жусуп бутум деп, артта калышкан. Азыр келет.

Карачал. Жүрү үйгө, тамак ич. Апаң издеп жүрөт.

Табылды. Азыр, досторум келишсин...

*(Жусуп менен Үмөт келет. Жусуптун өңү керсары. Аксап жүрөт.)*

Карачал *(балдарга).* Ии, келдиңерби? *(Өзү кайрадан маки менен жыгач жоно баштайт.)*

Жусуп *(күнөөлүү).* Келдик.

Карачал. Кана, эмне көрдүңөр?

Үмөт. Вертолет.

Табылды. Ал бат эле кайра учуп кетти.

Карачал. Учуп көнгөн эме олтуруп алмак беле. Көргөнүңөр жакшы. Мен кайда кетмек элем. Учалбайм, жаныңардамын. Бекболот эмесмин учуп кеткендей.

Үмөт *(түшүнбөй).* Ал ким, Бекболот?

Табылды *(күлүп).* Бекболот бекен, вертолет! Атам аны дайыма Бекболот дейт.

Карачал. Мейли, эмне болсо ошол болсун. Олтургула мындай. Табылды, кымыз балдарга. Кана айткылачы, силер кызыккандай эмне алып келишиптир?

Үмөт *(Жусуптун бутуна аяр көз жүгүртүп).* Геологдорго ар түрдүү аспаптарды алып келишиптир.

Табылды. Жыгач үйлөр да бар экен.

Карачал. Үйдү эмне кылышат?

Үмөт. Геологдор жашабайбы?

Карачал. Боз үйдөн артык да болобу. Ошончо каржы жумшап, үй куруп, убара болуп не. Боз үй эле тиге коюшса, тоого көчкөндө кереги тиет эле го.

Табылды. Жыгач үйлөр деле боз үйдөй бат тигилет.

Карачал. Ошондойбу? Анда мейли, иши кылып тынччылык болсун. Башкасы табылат.

Үмөт. Быйыл атам айылга көчүп келем деп жатат.

Карачал. Мектебиң, окууң кантет?

Үмөт. Мектеп айылда деле бар да.

Карачал. Келсин. Мен да, атам раматылык өлгөнчө, жакасына жармашкан бит болуп жашадым. Ал жарыктык *(Үмөткө)* сендейимде өгүзгө отун жүктөп келатып өзү да, өгүзү да Кара тоодон учуп кеткен. Анда көмүрдү отун экен деп ким ойлоптур. Көмүрдү көрбөй

Кара тоону тепсеп Кошой тоодон чегедек ташып келишчү тура. Кийин эле биз да отунду ошентип ташычубуз. А сенин атаң эмне иш кылат.

Үмөт. Там салат.

Карачал. Жыгач устабы?

Үмөт. Жок, ширетүүчү...

Карачал. Эчтеке эмес, тоого шаар салганы жатышпайбы. Атаңдын өнөрү жерде калбайт. Керек болот.

**Табылды. Ата! Вертолёт менен дагы эмне алып келди, билесиңби?**

Карачал. Кайдан билем.

Табылды. Адам ооруганда кай жери экенин айтып бере турган аспаптарды алып келишти.

Карачал. Баракелде!

Жусуп *(баятан бери тиштенип олтуруп эми чыдамы кетип)*. Эки бутум!

Карачал *(анын керсары өңүн эми байкап)*. Ой бала, сен эмне, табың жокпу?

Жусуп. Бутум ооруп жатат.

Карачал. Баятан эмне унчукпай олтурдуң? Кана, каериң? Апкелчи бери, көрөйүн *(беркі экөө Үмөттү тургузууга жардамдашат)*.

Табылды. Жана жүгүрүп келатканда жыгылып кеткен.

Карачал *(Жусуптун бутун кармалап көрүп)*. Ой балаң түшкүр. Көктүгүн мунун... Кантип чыдап олтурдуң бая. Кел, Табылды, кармашып кой. *(Үмөткө.)* А сен Борбунун уулу, үйгө кирип кемпирден бака жалбырак сурап чык. Шишигин бат эле соруп алат.

Табылды *(Жусупту ийинден кармайт)*. Чыда. Ата, томугу чыгып кетиптирби?

Карачал. Кобурабай бекем карма. *(Жусуптун бутун бир далайга укалайт.)* Кана, оорудубу?

Жусуп. Жок. Кичине эле...

Карачал. *(Дагы ушалап.)* Эмичи?

Жусуп. Жо... Ий, ооруп кетти! Аа-аа-аа...

Карачал *(баланын бутун тартып бүтүп)*. Мына эми ордуна келди. Баласыңбы деген ушу. Буту чыгып кетсе да жүгүрүп жүргөнүн кара!

Жусуп *(кичине ооруксунуп)*. Ох! А мен чыкканын билген эмесмин.

Үмөт. *(Үйдөн бака жалбырак алып чыгып )*. Мына, чоң энем берди.

Карачал. Томуктуку жаман. Тайып кетсе ой[illegible]бо-луп майып кылып коёт. Азыр бака жалбырактан жаап, бекем таңып койсом эртең эле улактай секирип кетесиң.

Табылды. Ата, тоого оорукана ачат тура. Ошого эле иштеп албайсыңбы?

Үмөт. Билими жок элеби? Дарынын атын кантип табат?

Карачал *(Үмөткө)*. Апкелчи тамырыңы. *(Тамырын кармап.)* Оорунун атын тамыр кармап эле таап коём.

Табылды. Көрдүңбү, атам баарын билет!

Карачал. *(Күлүп)* Тамаша кылам. *(Жусупка)* Оорубай калдыбы?

Жусуп. Жана сиз бутумдан тартканда көзүмөн от чагыла түшкөн. Эми жакшы. Чоң ата, сиз табыпчылыкты кайдан үйрөндүңүз эле?

Карачал. Кайдан үйрөнөйүн. Турмуш үйрөттү. Айылда доктур аттуу болгон эмес. Айла кеткенде жети атама чейин тамыр кармап табыпкер болушкан. Мага да ошолордон мураска калган.

Жусуп. Чоң ата, биз мындан кийин сизди таштабайбыз.

Табылды. Ал турмак вертолет учуп келсе да ээрчите кетебиз ээ?

Үмөт. Чоң ата, жана Манасты аягына чейин укпай чуркап кеткенде таарынган жоксузбу?

Карачал. Жөн эле таарына беремби. Таарынган жокмун.

Жусуп *(бутун аёолуу карап)*. Мындан ары жүгүрбөйбүз.

Табылды *(мулуңдап)*. Атамды колтуктап алып жай басабызбы?

Карачал. А силер окууга кеткениңерде кантем?

Үмөт. Мектепке да кошо барып турасыз да.

Табылды. Камбар жаныбарды минип аласың.

Карачал. Мейли, силер айткандай болсун. Бирок камбар жаныбар карыганына карабай машине көрсө эле карышкыр көргөндөй кулактарын тикчийтип үрккөн жаман адети бар. Атаңды аңтара салып кетсечи.

Табылды. Ооба сага. Камбар жоош, антпейт. Акылдуу ат.

Карачал. Жоошубай калсын. Ал балдарга гана эмне десе ыгынан чыкпайт. Мага окшогондорго мамилеси башка.

Жусуп. Үрксө да барасыз ээ, чоң ата?

Карачал. Барбай койчу беле, барам. Мектепти көрөм. Маалимдер менен таанышам. Окуу башталсынчы...

## Бешинчи сүрөт

**Колу артына байланган Жапек. Аны милиционер Абит айдап алган. Артынан бизге тааныш үч бала ышкырып, мазактап ээрчип келатышат. Жакындагандарга Карачал, Калбү экөө сестене карап турушат.**

Калбү. Бечара, эмне күнөө кылыптыр?

Карачал. Кайдан билейин. Бейкүнөө кишини кармайт беле.

Калбү. Пендеме жаманчылык көрсөтпө.

Карачал. Бар, суусун апкел кемпир. Нан бер. Сообу тиет Табыныма.

Калбү. Азыр апкелем *(суусун алып келет. Тигилер жакын келет.)* Балам, токточу!

Абит *(Жапекке).* Токто! *(Калбүгө)* Эмне дейсиз, апа?

Калбү. Айран ичкиле, айланайындар. Нан ооз тийгиле.

Абит *(айран ичип).* Рахмат.

Калбү. *(Жапекти көрсөтүп.)* А бул балагачы?

Абит. Кылмышкерге тамак уруксат эмес.

Карачал *(таанып).* Эмне кылмыш кылыптыр?

Абит. Айылдын дүкөнүн тоноп, кароолчусун өлтүргөн.

Калбү. Ботом, тигил Бекболоттун Ыбырайынбы?

Карачал. Ыбырайды өлтүргөн ушулбу?

Абит. Ооба, ата.

Калбү. Эмне дейт алат күн? *(Колундагы айраны жерге төгүлүп.)* Момун киши эмес беле, кантип колу барды.

Карачал *(жакын келип).* Тү, жүзүң курусун.

Калбү *(аны туурап).* Тү, көзүм көрбөсүн!

Жапек *(экөөнү жеп жиберчүдөй карап).* Иди, мен экөөңдү таанытбайм. *(Абитке.)* Пошли.

Карачал. Мен да таанабайм сени. Бөшөл.

*(Абит Жапекти айдап жөнөйт. Балдар аны бир кыйла жерге чейин ээрчип барат.)*

Табылды *(атасына жүгүрүп келип).* Ата? Ой, ата!

Карачал. Ийе.

Табылды. А мен баягыда ууру десем ишенбей койбодуң беле. Чын бекен? Ишендиңби эми?

Карачал. Чын экен. Ишендим балам. Аз жерден ага сени да уурдатып жебере жаздабадымбы.

Калбү. Качан? Кудайым сактаган тура?

Карачал. Эмне кыласың. Өттү кетти...

Тыбылды. Ии, мен билет бекем. *(Арылап бараткан Абит менен Жапектин артынан жүгүрүп, балдар менен кошо аларды ээрчип ктет.)* Ууру, ууру!

Карачал *(Калбугө)*. Карачы, Табыныңы! Биздин тукум үзүлбөптүр. Өлгөнүң тирилиптир, кемпир. *(Дарактыкарай басып.)* Тоом. Шаарым... Капкагы ачык турат!
Калбү. Ылайым тоодогу шаарың бузулбасын, чалым.

*(Карачал картаң дарактын жанындагы чаканы алып, өсүп калган жаш талдын түбүнө суу куят. Кемпири ары жактан ызы-чуу түшкөн балдарды карай басат.)*

## МАЗМУНУ

Мектеп ийрими — балдарга эстетикалык тарбия беруунун каражаты . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 3

*А. Осмонов.*
Жамгыр ыры . . . . . . . . . . . . . . . . . . 8

*М. Жангазиев.*
Тынчтык ырын ырдайбыз . . . . . . . . . . . . . 9

*А. Кыдыров.*
Бактыбектин амалы . . . . . . . . . . . . . . . . 10
«Чичи-пучи» . . . . . . . . . . . . . . . . 10
Кетсечи шыдыр узарып . . . . . . . . . . . . . 10

*Т. Кожомбердиев.*
Күжүрмөн балдар . . . . . . . . . . . . . . 11

*Ж. Мамытов.*
Мугалим . . . . . . . . . . . . . . . . . . 13

*Т. Самудинов.*
Апалардын майрамы . . . . . . . . . . . . . 13
Жаңы жыл . . . . . . . . . . . . . . . . . 14

*К. Жунушев.*
Алаксытпа, шамалтай . . . . . . . . . . . . . 14
Светофор . . . . . . . . . . . . . . . . . 15
Таранчы . . . . . . . . . . . . . . . . . 15

*А. Кулматова.*
Булут издеген бала . . . . . . . . . . . . . . 15

*Ж. Субанбеков.*
Бейбаш . . . . . . . . . . . . . . . . . . 32

*Ж. Суранов.*
Бугу эне . . . . . . . . . . . . . . . . . . 45

*Р. Чолпонбаев.*
Тоодогу шар . . . . . . . . . . . . . . . . 56

Литературно-художественное издание

**МЫ ИГРАЕМ, МЫ ПОЕМ**

**Для школьных кружков**

Составитель Аманов Мамбеткул

Издательство «Мектеп»

На киргизском языке

Көркөм-адабий чыгарма

**ОЙНОЙБУЗ ДА ЫРДАЙБЫЗ**

**Мектеп ийримдери үчүн**

Түзгөн Аманов Мамбеткул

Редактору *А. Акматова*
Сүрөт редактору *С. Үсөнов*
Техн. редактору *Ж. Искакова*
Корректору *Ш. Адамалиева*

ИБ № 4542

**Терүүгө 13. 12. 88. берилди. Басууга 25. 10. 89. кол коюлду. Д-01181. № 2 типография кагазы. Кагаздын форматы $84 \times 108^{1}/$[illegible]. Мектеп арипи. Жөнөкөй ыкма менен басылды. 2,25 физ. басма табак, 3,78 шарттуу басма табак, 3,81 учёттук басма табак, 4,1 шарттуу боёк түшүрүү. Нускасы 4000. Заказ № 8. Баасы 20 т.**

«Мектеп» басмасы.

720361. ГСП. Фрунзе шаары, Совет көчөсү, 170.
Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети.
«Периодика» өндүрүштүк-редакциялык бирикмеси.
720000, ГСП. Фрунзе, Дзержинский бульвары, 45.

заказ. 8

**20 т.**